№71
(3520)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2023-жылдын
5-сентябры

www.erkin-too.kg

# ЭЛЕТТЕГИ ӨНДҮРҮШТҮН ҮЗҮРҮН ЭЛ КӨРӨТ



2-бетте

Улугбек ОРМОНОВ:

# "ПАРЛАМЕНТТИН ТРИБУНАСЫНАН ТИЕШЕЛҮҮ ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН АЛДЫНА СУРООЛОРДУ КАТУУ КОЁБУЗ"



8-бетте

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



№71 (3520)
2023-жылдын 5-сентябры



# ПРЕЗИДЕНТ УЧКАН УЯСЫНА БАРДЫ

Президент Садыр Жапаров 1-сентябрь – Билим күнүндө Бишкек шаарындагы А.Каниметов атындагы №1 интернат-гимназияга барды. Садыр Жапаров аталган интернат-гимназияда 9-10-класста окуп бүтүргөн.

Президенттин демилгеси менен өткөн жылы интернатта толук ремонттоо иштери башталган. №1 интернат-гимназия 1956-жылы ачылган. Ошондон бери интернатта эч бир ондоп-түзөө иштери жасалган эмес.

Мамлекет башчысы жаңы окуу жылынын башталышы менен аталган окуу жайга барып, андагы ремонт иштеринин жүрүшү менен таанышып, эмгек жамааты менен баарлашты. Ал “билимдүү жаштар ар дайым ийгиликтерге жетип, мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошот. Өз кезегинде мамлекет ар бир жаран татыктуу билимге ээ болушу үчүн билим берүү тармагында реформаларды жүргүзүп жатат”, - деп баса белгиледи.



Президент мектеп жамааты менен баарлашууда мугалимдерин эскерип, жолугушууга катышып жаткан тарбиячысы Шайыр Бегалиевага кесипкөйлүгү жана эмгекти сүйгөндүгү үчүн ыраазычылык билдирди жана акчалай колдоо көрсөтүп, сертификатын тапшырды.



## Тогуз мектептин үчөөсүнүн курулушу башталды

Россия Федерациясы Кыргызстанда 9 заманбап мектеп куруп берет. Мектептер Бишкек, Ош шаарларында жана бардык облустарда курулмакчы. Бишкек, Баткен жана Караколдогу жаңы мектеп курулушуна Россиянын Президенти Владимир Путин менен Президент Садыр Жапаров старт беришти. Бул иш-чара видеоформатта эки президенттин катышуусу менен өттү. Өлкө лидерлери эки өлкөнүн бардык окуучуларын, алардын ата-энелерин жана мугалимдерин Билим күнү менен куттукташты. Президент Садыр Жапаров биргелешкен кыргыз-орус мектептерин ачуу эки өлкөнүн жарандарынын жаркын келечеги үчүн узак мөөнөттүү чоң жаратман иштердин башталышы гана экендигине ишенимин билдирди. Владимир Путин мектептер эң алдыңкы технологиялар менен жабдыларын, имарат бардык коопсуздук стандарттарына ылайык, анын ичинде өлкөнүн өзгөчөлүгүн жана сейсмикалык тобокелдиктерди эске алуу менен долбоорлонгонун айтты.

Курулушу башталган алгачкы үч мектеп 2025-жылдын сентябрына карата пайдаланууга берилиши пландалууда. Мектептердин ар бири 1224 орунга эсептелген. Окутуу орус тилинде жүргүзүлүп, бүтүүчүлөргө эки өлкөнүн аттестаттары берилет.

## Билим берүүдө жалаң жаңылануулар



Ош шаарында эле 1-сентябрга карата бир катар жаңы билим мекемелери ачылды. Алардын ачылышына Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров катышты.

Ош шаарынын “Амир-Темир” муниципалдык аймактык башкармалыгында ачылган “Бөбөк” балдар бакчасы 100 орунга эсептелген. Бардык шарты менен заманбап курулган эки кабаттуу балдар бакчасынын курулушуна 48 млн сом жумшалган. Белгилей кетсек, бул аймактык башкармалыкта 56 миң жаран жашайт.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Бишкек менен Ош шаарында бала бакча жана мектепке болгон муктаждык абдан чоң болгондуктан өлкө Президенти маселени чечүү боюнча катуу тапшырмаларды коюп жатканын айтты.

“Быйылкы жылы Ош шаарында 3 мектеп, 4 бала бакчанын курулушу жүрдү. 1-сентябрга карата 2 мектеп, 3 бала бакчаны ачып жатабыз. Ноорузда дагы 1 бала бакча ишке берилген. Кудайдын кулагы сүйүнсүн, элибиздин саны 7 миллиондон ашты. Балдардын саны 2,5 миллиондон ашты. Бул биздин эки жарым миллион баа жеткис байлыгыбыз – келечегибиз”, - деди Акылбек Жапаров.

Кара-Суу районундагы Отуз-Адыр айыл аймагында жаңыдан курулган 275 орундуу “Октябрдын 70 жылдыгы” атындагы орто мектеби да бул күнү окуучуларга эшигин ачты. Акыркы убактарда билим берүү тармагына каражат бөлүү көлөмү өсүп, жаңы мектептердин курулушу баймa-бай жүрүүдө. Былтыркы жылга салыштырмалуу эле быйыл тармакка 23 млрд сомго көп каражат бөлүнгөн. Биз быйыл 204 мектептин курулушун баштасак, анын 100ү быйыл жылдын аягына чейин бүтөт. 1-сентябрга карата биз 36 мектепти бүтүрдүк”, - деди Акылбек Жапаров. Кошумчалай кетсек, “Октябрдын 70 жылдыгы” атындагы 2 кабаттуу 275 орундуу орто мектебин курууга 90 млн сом жумшалган.

Ош шаарынын “Манас-Ата” муниципалдык аймактык башкармалыгындагы жаңы курулган үч кабаттуу №27 орто мектеби 500 орунга ылайыкталган. Курулуш наркы 95 млн сом. Курулуш 1 жылга жетпеген мөөнөттө курулуп бүттү. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров жергиликтүү мугалимдер жана окуучулар жамаатын 2023–2024-жаңы окуу жылынын башталышында жаңы билим уялуу болушу менен куттуктады.

“Садыр Нургожоевич жаңы Билим берүү мыйзамына кол койду. Кылым алмашса дагы, технологиянын заманы кирсе дагы, 2000-жылдан бери өзгөрбөй келе жаткан Билим берүү мыйзамы өзгөрдү. Эми сентябрь айынан баштап мектептин директорлорунун, окуу-тарбия жана башка окуу бөлүмүнүн башчыларынын айлык акылары дагы жогорулайт”, - деди Акылбек Жапаров.

## Президенттин тапшырмасы аракетте

Кара-Суу районундагы Жоош айыл аймагында “Салих Строй” ЖЧКсы тарабынан курулган асфальт-бетон жана таш майдалоочу заводу ачылды. Анын ачылышына катышкан Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров “ушундай ишканаларды көрүп көзүң кубанат. Заводдун алгачкы үзүрү катары айылдын 5 км жолуна асфальт төшөп бериптир. Бизге дал ушундай өндүрүш керек болчу. Садыр Нургожоевич бизге ар бир айылга асфальт барышы керек деген тапшырманы берди”, - деп белгиледи. Андыктан өкмөт жеке менчик болсо дагы ар бир райондо бирден асфальт-бетон заводдорунун ачылышына абдан кызыкдар жана мындай демилгелерди кош колдоого даяр.

Ишкана толук ишке киргенде 100гө жакын жаран туруктуу жумуш менен камсыз болот жана мамлекетке 100 млн сомго жакын салык түшөт.

## Энергетиктер да жаңы имараттуу болушту

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров түштүккө болгон жумушчу сапарынын алкагында “Кыргызстан улуттук электр тармагы” ААКнын филиалы Ош электр тармактар ишканасынын (ОшЭТИ) жаңыдан курулган Ош шаарындагы Сулайман-Тоо райондук электр тармактарынын (РЭТ) административдик имараты менен таанышты.

Ош РЭТнын тейлөө аймагынын кеңейиши жана объектилердин санынын көбөйүшү акыркы жылдары электр энергиясын керектөөнүн өсүшүн шарттаган. Ошол себептүү, Ош шаарынын калкын электр энергиясы менен камсыздоодо тейлөөнүн сапатын жогорулатуу үчүн шаардын батыш бөлүгүнө жаңы райондук электр тармагын ачуу зарылчылыгы келип чыккан.

Сулайман-Тоо райондук электр тармактарынын жаңы административдик имаратынын сметалык наркы 79,6 млн сом. Курулуш иши 2022-жылы башталып, бир жылда пайдаланууга берилди.

**Даярдаган**
**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРЫ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы, кесиптик ишиндеги чоң жетишкендиктери үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Көз карандысыздыгынын күнүнө байланыштуу:

**сыйлансын:**

### I даражадагы "Манас" ордени менен:

**Джумабеков Сабырбек Артисбекович –** И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын травматология, ортопедия жана экстремалдык хирургия кафедрасынын башчысы; **Шер-Нияз Садык –** режиссер, Кыргыз Республикасынын Франция Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси; **Эркебаев Абдиганы –** академик, мамлекеттик жана коомдук ишмер;

### II даражадагы "Манас" ордени менен:

**Бебезов Хаки –** Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин медицина факультетинин госпиталдык хирургия кафедрасынын башчысы; **Сатаркулов Сабатбек –** "Сууавтоматика жана метрология" долбоорлоо-конструктордук жана технологиялык институтунун гидротехникалык курулуш боюнча башкы адиси;

### III даражадагы "Манас" ордени менен:

**Джакшылыков Асан –** акын, жазуучу, Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун президиумунун мүчөсү; **Дубанаев Садырбек Мамбеталиевич –** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Генералдар кеңешинин төрагасы; **Ибрагимов Сергей Мухамедович –** "Бакай Банк" ачык акционердик коомунун директорлор кеңешинин төрагасы; **Камчыбеков Толобек Кадыралиевич –** "М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети" илимий изилдөө университетинин ректорунун кеңешчиси, башкы илимий жетекчиси; **Кубатов Эдуард Джумакадырович –** альпинист, коомдук ишмер, "Кыргыз Республикасынын альпинизм жана аскага чыгуу федерациясы" коомдук бирикмесинин президенти; **Мадаминов Гапыр Маматкулович –** Баткен облусунун Лейлек районундагы №3 мектеп-гимназиясынын негиздөөчүсү, тарых мугалими; **Мамазаирова Менди –** акын, жазуучу, драматург, Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун президиумунун мүчөсү; **Маматалиев Абдырахман Мадакимович –** "Кепилдик фонд" ачык акционердик коомунун директорлор кеңешинин мүчөсү; **Мамбетакунов Молдосейит –** Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин коммуникация факультетинин радио, телевидение жана кино кафедрасынын доценти; **Сайдилканов Орозали –** Ош облусунун Кара-Кулжа районунун О. Сайдилкановдун автордук гимназия мектебинин негиздөөчүсү; **Салиев Союзбек Сатыбалдиевич –** "КАОПА" – Кыргыз учкучтарынын жана авиаторлорунун ассоциацияланган бирикмесинин төрагасы; **Турганбаев Надырбек Турганбаевич –** Кыргыз Республикасынын бажы кызматынын генерал-лейтенанты;

### "Курманжан Датка" ордени менен

**Ахунбаева Нелли Исаевна –** Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү мекемесинин госпиталдык хирургия кафедрасынын профессору;

### "Данакер" ордени менен

**Раев Султанбай Акимович –** "ТҮРКСОЙ" эл аралык уюмунун башкы катчысы;

### "Даңк" ордени менен:

**Абилдаев Болот Ералханович –** "Газпром Кыргызстан" жана "Газпром нефть Азия" жоопкерчилиги чектелген коомдорунун башкы директору; **Бакиров Жетиген Жокинович –** Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгынын начальнигинин орун басары – бөлүмдүн башчысы; **Бишкек медициналык колледжи** – Бишкек шаары; **Бримкулов Нурлан Нургазиевич –** И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын дипломдук билим берүүдөн кийинки үй-бүлөлүк медицина кафедрасынын башчысы; **Джуманалиев Тынчболот Дадыйевич –** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультетинин профессору; **Жоошов Кылычбек Турганбекович –** Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илим-изилдөө институтунун коронардык ооруларынын жана жүрөктүн капкак хирургиясы бөлүмүнүн башчысы; **Исраилов Мукаш –** Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит кафедрасынын башчысы; **Муслимов Аннас Поясович –** И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин автоматизация, робототехника жана мехатроника кафедрасынын профессору; **Мырзаканова Азимкан Чыныбековна –** Улуттук онкология жана гематология борборунун анестезиология жана жандандыруу бөлүмүнүн анестезиолог-реаниматолог врачы; **Ормушев Асан Сулайманович –** Эл аралык Кувейт университетинин ректорунун кеңешчиси, эл аралык мамилелер жана юриспруденция кафедрасынын профессору; **Осмонов Бабакул –** Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Баткен облусунун Лейлек райондук маданият бөлүмүнүн музейлер комплексинин директору; **Сыдыгалиев Нурбек Омурбекович –** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орун басары; **Челпакова Сабийра Мусилимовна –** Балдардын жана өспүрүмдөрдүн "Сейтек" улуттук борборунун директору, педагог-уюштуруучусу;

### "Достук" ордени менен

**Алафердов Акиф Кадырович –** "Кыргызстан-Азербайжан" достук жана кызматташтык коомунун төрагасы;

**ыйгарылсын:**

### "Кыргыз Республикасынын эл артисти" деген ардактуу наам:

**Абдыкадырова Гүлжамалга –** С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрынын артисти; **Букалаев Камчыбек Искаковичке –** Т. Сатылганов атындагы №69 окуу-тарбия комплекс-гимназиясынын хор жана ырдоо ийриминин жетекчиси; **Иманкулов Абдылда Кемеловичке –** куудул, сатирачы; **Исабекова Тамара Сыягуловнага –** Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын солисти; **Кашкарбаева Ырысбубуга –** Ысык-Көл облусунун Түп райондук маданият үйүнүн ийрим жетекчиси; **Кыдырмаев Шайымбекке –** Т.Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын артисти; **Торобеков Абдыманапка –** Р. Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясынын этно-фольклордук тобунун артисти;

### "Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу" деген ардактуу наам

**Абдугафуров Абдуганиге –** Бабур атындагы Ош мамлекеттик академиялык өзбек музыкалык-драма театрынын адабият бөлүмүнүн башчысы;

### "Кыргыз Республикасынын эл акыны" деген ардактуу наам

**Саалаев Жедигер Ибраимовичке –** Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун президиумунун мүчөсү;

### "Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү" деген ардактуу наам:

**Асанова Нурганышка –** сүрөтчү;

**сыйлансын:**

### "Эрдик" медалы менен:

**Козубаев Бактияр Талипович –** Баткен токой чарбасынын директору; **Маманазаров Айбек Абдималикович –** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Баткен облусу боюнча башкармалыгынын Баткен району боюнча өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн №31 өрткө каршы куткаруу бөлүгүнүн башчысы; **Мурзажанов Мыктыбек Ниматович (курман болгондон кийин)** – Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин атайын багыттагы полкунун 3-батальонунун өзүнчө ротасынын (Баткен шаары) 1-взводунун милиционери, милициянын улук сержанты; **Набиев Адылбек Асанович –** Баткен облусунун Баткен районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын (акимдин) биринчи орун басары; **Полотов Икматулла Нусратиллаевич (курман болгондон кийин)** – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын башкы башкармалыгынын начальниги, ички кызматтын полковниги; **Тапаев Маратбек Кошоевич –** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын өрт өчүрүү, алдын алуу жана авариялык-куткаруу иштери бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; **Турдыбоев Обид Исакович –** "Манас" эл аралык аэропорту" ачык акционердик коомунун Ош филиалынын учууларды кырсыктан сактоо жана өрткө каршы камсыз кылуу кызматынын өрттөн куткаруу командасынын башчысы; **Улукбеков Уланбек Талипжанович (курман болгондон кийин)** – Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Баткен облусу боюнча башкармалыгынын калкты жана аймактарды коргоо бөлүмүнүн улук офицери; **Урулбай уулу Кутманбек –** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин атайын багыттагы полкунун №3 батальонунун Ош облусу боюнча атайын операциялар отрядынын ыкчам өкүлү; **Ысманов Айбек Абдималикович (курман болгондон кийин)** – Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Баткен облусу боюнча башкармалыгынын Баткен шаары жана Баткен району боюнча өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн Ак-Сай айылынын №106 өрткө каршы-куткаруу бөлүгүнүн карool башчысы;

### "Даңк" медалы менен:

**Аккулуева Бурулуш Кемеловна –** Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарынын З. Исаева атындагы №4 гимназия мектебинин кыргыз тили жана адабият мугалим; **Акматова Салый –** Талас облусунун Талас райондук жалпы дарыгердик практика борборунун Көпүрө-Базар айылындагы филиалынын төрөт бөлүмүнүн акушер-гинеколог врачы; **Асанбекова Айымкүл Талгатбековна –** билим берүү системасынын кызматкери, Нарын району, Нарын облусу; **Асипов Салморбек –** "Кыргыз Республикасынын финансы-экономикалык жана салык системасынын ардагерлери" коомдук бирикмесинин төрагасы; **Баймуратов Абдимиталип Абдиллаевич –** М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин экономика жана башкаруу факультетинин, экономика жана финансы кафедрасынын профессору; **Бакасова Айна Бакасовна –** И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Дж.А. Апышев атындагы электроэнергетика кафедрасынын башчысы; **Джумабаева Фатима Туруспековна –** И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын онкология кафедрасынын доценти; **Жакыпов Асуан Маматеминович –** "Кыргызстандын жаңы айыл кыймылы" коомдук бирикмесинин төрагасы; **Исмаилова Светлана Робинзоновна –** К. Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын окуу иштери боюнча проректору; **Калмурзаев Каныбек –** "Кыргызстандын авиация кызматкерлеринин кесиптик бирлиги" коомдук бирикмесинин төрагасы; **Мамырбеков Мейманалы –** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ош-Жалал-Абад региондук башкармалыгынын кызматкери; **Миррахимов Талгат Агзамович –** Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзуна караштуу "Көркөм фонду" жоопкерчилиги чектелген коомунун жасалгалоочу сүрөтчүсү; **Омошов Болотбек Коргонбаевич –** Ош облусунун Алай районунун жалпы дарыгердик практика борборунун вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун диагностикалоо лабораториясынын башчысы; **Порощай Владимир Николаевич –** И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын балдар хирургиясы кафедрасынын доценти; **Раймалиева Каныкей Анаркановна –** "Доор" эстрадалык-фольклордук ансамблинин солисти; **Райымбаев Чаткалбай Кенейбаевич –** Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин ректору; **Рысманов Тыныбек Орозбекович –** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин искусство жана дизайн факультетинин музыка кафедрасынын окутуучусу; **Сманалиев Кынатбек Мойнокович –** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Юридикалык институттун юридикалык факультетинин деканы; **Сулайманов Жаныш Дайырович –** И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын травматология, ортопедия жана экстремалдык хирургия кафедрасынын профессору; **Тентимишев Мундузбек Мокушович –** жазуучу; **Турсунбеков Марат Турсунбекович –** Кыргыз Республикасынын Президентинин коомдук башталыштагы кеңешчиси; **Турсункулов Эркин Асанканович –** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин "Аймактарды коргоо боюнча региондор аралык борбору" мамлекеттик мекемесинин директору; **Умарова Мария –** К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин колдонмо информатика жана маалыматтык технологиялар кафедрасынын башчысы; **Уметалиев Акылбек Сапарбекович –** И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин эл аралык жогорку логистика мектебинин директору; **Шаваева Калбюбю –** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз-европа факультетинин доценти; **Эшиев Асылбек Мирзатилаевич –** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын башчысы;

**ыйгарылсын:**

### "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти" деген ардактуу наам:

**Алсеитова Чолпон Токтакуновнага –** эстарада ырчысы; **Анисимова Вера Александровнага –** Ч. Айтматов атындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик улуттук орус драма театрынын жетектөөчү сахна чебери; **Боронбаев Талыпжан Раманкуловичке –** К. Жантөшев атындагы Ысык-Көл облустук музыкалык драма театрынын артисти; **Кангельдиев Дженишбек Касымаалиевичке –** Т. Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын артисти; **Карипова Мээримгул Асанкуловнага –** Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын Кыргыз фольклордук тобунун артисти; **Касымов Айбек Дүйшөнкуловичке –** Бишкек шаарынын мэриясынын алдындагы "Кыргыз Руху" фольклордук ансамблинин солисти; **Көгөева Сапина Ажыкеевнага –** М. Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык драма театрынын артисти; **Орозакунов Руслан Жолдошевичке –** А. Умуралиев атындагы Бишкек шаардык драма театрынын артисти; **Рыбина Ирина Тагировнага –** А. Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын опера солисти, жетектөөчү сахна чебери; **Салидинов Нурлан Азисовичке –** Т. Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын артисти; **Усубалиева Алымкан Кочорбековнага –** К. Жантөшев атындагы Ысык-Көл облустук музыкалык драма театрынын сахна чебери; **Шатманова Кукун Сайдахматовнага –** С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрынын жогорку категориядагы драма артисти; **Эргешов Сайпидин Маликовичке –** Т. Ажибаев атындагы Алай музыкалык драма театрынын артисти;

### "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы" деген ардактуу наам:

**Абдраева Канымбубу Кемеловнага –** М. Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун консультациялык-диагностикалык бөлүмүнүн ревматолог врачы; **Абдыбекова Шайырбубу Абдыбековнага –** С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун дарыгерлерди өркүндөтүү факультетинин ички оорулар кафедрасынын улук окутуучусу; **Акунов Токтосун Акуновичке –** Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл райондук жалпы дарыгердик практика борборунун эндокринолог врачы; **Аликеева Зина Асановнага –** Ысык-Көл облусунун Ак-Суу райондук жалпы дарыгердик практика борборунун үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун врачы; **Алыкеева Кенжебубу Анарбековнага –** Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун неврология бөлүмүнүн пульмонолог врачы; **Арзыкулов Замирбек Сабыровичке –** Клиникалык медициналык тез жардам ооруканасынын кардиология бөлүмүнүн башчысы; **Атажанов Кочкорбайга –** Ош облустар аралык клиникалык ооруканасынын консультациялык-диагностикалык бөлүмүнүн кардиолог врачы; **Ашиналиев Абдулин Ашиналиевичке –** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын көкүрөк хирургиясы бөлүмүнүн башчысы; **Бейшембаев Мукаш Итикуловичке –** Улуттук онкология жана гематология борборунун жетектөөчү илимий кызматкери; **Болекбаева Гүлгаакы Рыскуловнага –** Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун кардиолог врачы; **Деркимбаева Марияга –** Ысык-Көл облусунун Ак-Суу райондук жалпы дарыгердик практика борборунун үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жогорку категориядагы врачы; **Джорупбекова Канымкулга –** Бишкек шаарынын №8 үй-бүлөлүк медицина борборунун консультациялык бөлүмүнүн жалпы билим берүү мекемелеринин врачы; **Жоробаев Мамасабыр Алдыраковичке –** Ош облустар аралык бириккен клиникалык оорукананын анестезиология-реаниматология бөлүмүнүн анестезиолог врачы; **Жумабаев Сапарбайга –** Ош облусунун Чоң-Алай райондук А. Молдоболотов атындагы жалпы дарыгердик практика борборунун Кашка-Суу филиалынын үй-бүлөлүк врачы; **Исманова Орозага –** Чүй облусунун Чүй райондук жалпы дарыгердик практика борборунун фтизиатр врачы; **Исраилова Зейнепкан Абдукалыковнага –** Ош мамлекеттик университетинин медициналык факультетинин акушерлик жана гинекология кафедрасынын башчысы; **Касыев Нурбек Бекташевичке –** И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын комбустилогия курсу менен жалпы практикалык хирургия кафедрасынын доценти; **Маметов Равшан Раимбердиевичке –** Ош облустар аралык балдардын клиникалык ооруканасынын директору; **Мамыров Джолдошбек Тобокеловичке –** Бишкек шаарынын №2 клиникалык көп тармактуу ооруканасынын неврология бөлүмүнүн башчысы; **Медерканов Манасбекке –** Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарынын Шамалды-Сай жалпы дарыгердик практика борборунун директору; **Миталипов Куттугалиге –** Кадамжай райондук жалпы дарыгердик практика борборунун жарандык коргонуунун саламаттык сактоосунун штабынын начальниги; **Нарматова Марапат Тагайбековнага –** Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун №2 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун дарыгери; **Омуралиева Тамара**

*(Уландысы 4-бетте)*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРЫ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

*(Башталышы 3-бетте)*

**Усеновнага –** Улуттук эне жана баланы коргоо борборунун курч респиратордук патология бөлүмүнүн пульмонолог врачы; **Ормонова Махбуба Ормоновнага –** Чүй облусунун Сокулук райондук жалпы дарыгердик практика борборунун Шопоков үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун клиникалык жетекчиси; **Рысбеков Муратбек Тойгонбаевичке –** С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун дарыгерлерди өркүндөтүү факультетинин жалпы хирургия кафедрасынын доценти; **Рысбекова Шамшияга –** Бишкек шаарынын №5 үй-бүлөлүк медицина борборунун №1 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун врачы; **Султангазиева Бактыгуль Бекбоевнага –** Улуттук онкология жана гематология борборунун директору; **Татаева Самырбүбү Нурийевнага –** Талас облустук Ч. Мамбетов атындагы биргелешкен ооруканanын неонатологу, педиатр врачы; **Төрөев Сайпидинге –** Баткен облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун онколог врачы; **Урбаев Кадыракун Мокеевичке –** Ысык-Көл облусунун Ак-Суу райондук жалпы дарыгердик практика борборунун хирургия бөлүмүнүн хирург врачы; **Урманбетов Кубатбек Самыйбековичке –** Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу илимий-изилдөө институтунун директорунун илимий иштер боюнча орун басары; **Усупбаева Токтобүбүгө –** Талас облустук кургак учукка каршы күрөшүү борборунун врачы; **Шалтаков Зикир Чаловичке –** Ош облусунун Кара-Кулжа райондук Кара-Кочкор реабилитация жана калыбына келтирип дарылоо борборунун башкы врачы

### "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу" деген ардактуу наам

**Шамсутдинов Марат Мубарякшаевичке –** Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин тоо-кен өндүрүшүнүн физикалык процесстери кафедрасынын башчысы;

### "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу" деген ардактуу наам:

**Бейшекеев Кыдыкбек Каниметовичке –** "Кыргызсуудолбоор" ачык акционердик коомунун башкы инженери; **Давлетов Асан Курбановичке –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин Кыргыз Республикасынын айыл жериндеги суу пайдалануучулар жана юридикалык жактар ассоциациясынын төрагасы; **Кадыралиев Касымбек Бейшековичке –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы Мамлекеттик экспертиза департаментинин Ысык-Көл облусу боюнча өкүлчүлүгүнүн башчысы; **Кыдырмышев Жаманакка –** "Глобалстрой компани" жоопкерчилиги чектелген коомунун жетекчиси; **Сартбаев Шайманбек Жалиевичке –** "СМУ-3" жоопкерчилиги чектелген коомунун директорунун орун басары; **Турдубаев Шайлобек Мамыркановичке –** курулуш тармагынын кызматкери, Бишкек шаары;

### "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими" деген ардактуу наам:

**Абдиева Алымбүбү Исмаиловнага –** Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун Б. Үрстөмбеков атындагы №3 орто мектебинин чет тили мугалими; **Акимжанов Жолдошбекке –** билим берүү системасынын кызматкери, Токтогул району, Жалал-Абад облусу; **Алымбаева Джанылкан Дуйшембиевнага –** Чүй облусунун Чүй районунун Прогресс орто мектебинин математика мугалими; **Асанбаева Динара Жапаровнага –** Бишкек шаарынын №40 жалпы билим берүү мектебинин кыргыз тили жана адабият мугалими; **Аттокуров Сапар Аразовичке –** Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун М. Жаңыбаева атындагы №13 орто мектебинин технология мугалими; **Аубакиров Төлеген Дуйсенбаевичке –** Бишкек шаарынын Ч. Айтматов атындагы №63 мектеп-гимназиясынын дене тарбия мугалими; **Бабышев Советбекке –** Ош облусунун Өзгөн районунун А. Маматов атындагы орто мектебинин директору; **Байрамкулова Фатима Юсуповнага –** Бишкек шаарынын К. Бобулов атындагы №88 орто мектебинин башталгыч класстарынын мугалими; **Бейшенова Сыйнаткуль Омокеевнага –** Бишкек шаарынын №91 мектеп-гимназиясынын директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары, математика мугалими; **Ботоев Кулубайга –** Ж. Мамытбеков атындагы №10 орто мектебинин мугалими; **Васильев Анатолий Евгеньевичке –** М. Абдраев атындагы Республикалык атайын музыкалык орто мектеп-интернатынын скрипка мугалими; **Джунушова Суракан Токоновнага –** Чүй облусунун Панфилов районунун "Башат" балдардын чыгармачылык райондук билим берүү борборунун "Манас таануу" ийриминин жетекчиси; **Жанузакова Уулжан Шакыевнага –** Жалал-Абад облусунун Аксы райондук билим берүү бөлүмүнүн алдындагы окуу-методикалык кабинетинин башчысы; **Жанышева Тинатин Эмильевнага –** Ысык-Көл облустук Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын математика мугалими; **Жумабекова Сейнебүбүгө –** Нарын облусунун Жумгал районунун Автандил уулу Айткул атындагы бала бакчасынын директору; **Зарнаев Саламат Зарнаевичке –** Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Э. Керимгазиев атындагы Темир-1 орто мектебинин искусство жана технология мугалими; **Исакова Райканга –** билим берүү системасынын кызматкери, Түп району, Ысык-Көл облусу; **Касымова Нурания Абдугапуровнага –** Чүй облусунун Аламүдүн районунун "Нурани" балдардын инклюзивдик билим берүү борборунун башкы директору; **Керималиев Нурбек Джумагуловичке –** Талас облусунун Бакай-Ата районунун Б. Сатыбеков атындагы орто мектебинин орус тили жана адабият мугалими; **Козубекова Чынарбубу Стамбековнага –** Чүй облусунун Шопоков шаарынын №1 мектеп-гимназиясынын директору, физика мугалими; **Мамбекова Лилия Базаркуловнага –** Чүй облусунун Чүй районунун "Байчечекей" мектепке чейинки билим берүү мекемесинин директору; **Мундузбаева Елена Владимировнага –** Билимкана-Бишкек жалпы билим берүү мектебинин директору; **Мурзабеков Маткаримге –** Жалал-Абад облусунун Сузак районунун А. Мамбетаипов атындагы №37 орто мектебинин химия жана биология мугалими; **Мухтарова Асельге –** Баткен облусунун Кадамжай шаарынын А. Масалиев атындагы №17 орто мектебинин орус тили жана адабият мугалими; **Садыков Гулбай Ганыевичке –** Баткен облусунун Лейлек районунун Кара-Булак орто мектебинин орус тили мугалими; **Сапарова Уулжанга –** Баткен облусунун Баткен районунун Т. Садыков атындагы орто мектебинин башталгыч класстарынын мугалими; **Торобаева Тамара Исаковнага –** Бишкек шаарынын №4 гуманитардык-укуктук багыттагы мектеп-гимназиясынын кыргыз тили мугалими; **Усенов Калымбайга –** Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Н. Бримкулов атындагы №4 инновациялык мектеп-гимназиясынын физика мугалими; **Чыныбаева Шайыркул Турпоналиевнага –** Чүй облусунун Кара-Балта шаарынын А.С. Макаренко атындагы №10 интернат тибиндеги орто мектеп-гимназиясынын география жана тарых мугалими; **Эсеналиева Кенжекеге –** Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун филологиялык билим берүү кафедрасынын башчысы;

### "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи" деген ардактуу наам:

**Акматов Болотбек Джусупбековичке –** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы; **Базарбеков Замирбек Курамаевичке –** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы; **Бакасов Султанга –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин укуктук камсыздоо бөлүмүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелери боюнча укуктук колдоо көрсөтүү секторунун башчысы; **Кооманов Келгенбай Самаковичке –** Ысык-Көл облустук согуштун, куралдуу күчтөрдүн укук коргоо органдарынын ардагерлеринин жана ооруктагы эмгекчилердин кеңешинин төрагасы; **Осмонова Шааркүл Келдибековнага –** Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы; **Остриков Виталий Николаевичке –** адвокат;

### "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти" деген ардактуу наам:

**Асангулов Канат Кубатовичке –** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын төрагасы; **Байгазаков Алимжан Топчубаевичке –** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору; **Камбаралиева Токтобубу Тайлаковнага –** Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы; **Кемпирбаева Гульмира Тургумбековнага –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин адам ресурстарын башкаруу бөлүмүнүн башкы адиси; **Кулуева Чинара Раимкуловнага –** Ош мамлекеттик университетинин бизнес жана менеджмент факультетинин финансы жана банк иши кафедрасынын башчысы; **Омурова Салтанат Кайыровнага –** "Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН" ачык акционердик коомунун "Семетей" филиалынын директору; **Садыралиев Жандаралыга –** Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Жалал-Абад облустук статистика башкармалыгынын начальниги; **Сайнидинова Айгүл Шарапидиновнага –** Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Бишкек шаардык статистика башкармалыгынын үй чарбаларынын бюджетинин статистикасы жана социалдык статистика бөлүмүнүн башчысы; **Сатыбеков Назаркул Кулбаевичке –** Жалал-Абад облусунун Ала-Бука райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө мекемесинин Аксы райондук бөлүмүнүн бухгалтери; **Саякбаев Тилек Дженишбековичке –** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын стратегиялык талдоо жана тобокелдиктерди баалоо башкармалыгынын начальниги; **Шакирова Гульмира Абидиновнага –** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасынын директору;

### "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер" деген ардактуу наам:

**Абдраев Жомарт Ырысбаевичке –** Кыргыз Республикасынын "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын баяндамачысы; **Акматова Гулмира Таштанбековнага –** жеке ишкер, "Mountain cedar woolens" жана "Gulmira Akmatova" бренддеринин негиздөөчүсү; **Бейшенбиев Бектен Бейшенбиевичке –** Чүй облусунун Москва районунун М. Рыскулбеков атындагы балдар искусство мектебинин комуз классынын мугалими; **Жакиева Гульмира Бексултановнага –** Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин музыка факультетинин жалпы фортепиано кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу; **Жусаева Динара Сабыркуловнага –** Кыргыз Республикасынын улуттук телерадиоберүү корпорациясынын "Кыргыз радиосу" радиосунун баяндамачысы; **Интина Салтанат Кимовнага –** Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин доценти; **Калыков Бейшембекке –** Кыргыз Республикасынын "ЭлТР" мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын кабарчысы; **Койчуманова Нуркан Кадыровнага –** Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун Жалал-Абад облустук филиалынын жетекчиси; **Кыязов Адылбекке –** М. Рыскулов атындагы Нарын облустук академиялык музыкалык-драма театрынын артисти; **Мамбетов Кубанбек Джамангуловичке –** коомдук ишмер, журналист, жазуучу; **Орозобекова Жылдыз Калмашевнага –** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын орун басары; **Сарманбетов Айдарбек Имангазиевичке –** жазуучу, акын, Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү; **Сыдыгалиев Джаныбекке –** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин көркөм сүрөт искусство жана дизайн факультетинин профессору; **Тилегенов Курманбек Эсенгуловичке –** Ысык-Көл облусунун Каракол шаарынын Ы. Туманов атындагы мамлекеттик музыкалык окуу жайынын директору; **Тойчиев Кулмат Тойчиевичке –** Жалал-Абад облусунун Чаткал районунун Сумсар балдар искусство мектебинин мугалими; **Унурова Чынар Сабыркуловнага –** акын, Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү; **Эгембердиева Аида Абдыжапаровнага –** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы;

### "Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" деген ардактуу наам:

**Асанов Арстанбек Авлезовичке –** И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин "КОНАС" илимий-инженердик борборунун директору; **Бараталиев Керим Бараталиевичке –** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филология факультетинин кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы; **Дженбаев Бекмамат Мурзакматовичке –** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын химия-технологиялык, медицина-биологиялык жана айыл чарба илимдери бөлүмүнүн башкы окумуштуу катчысы; **Чортонбаев Тыргоот Джумадиевичке –** К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин ветеринардык медицина жана биотехнология факультетинин биотехнология жана химия кафедрасынын профессору; **Шалпыков Кайыркул Тункатаровичке –** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия жана фитотехнологиялар институтунун директору;

### "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматына эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам:

**Абытов Алмасбек Ахунжановичке –** Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин укуктук жактан камсыз кылуу башкармалыгынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги туруктуу өкүлү; **Касейинов Кубат Усенкуловичке –** Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министринин орун басары; **Молдобекова Гулкан Сакиновнага –** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты; **Секимов Бактыбек Шайыкбековичке –** Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин кеңешчиси; **Толонов Данияр Эрмековичке –** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты; **Эргешов Алтынбек Калдаровичке –** Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү;

### "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосуна эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам:

**Арзыкулова Бурулкан Омурбековнага –** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин коомдук саламаттыкты сактоо, медициналык жана фармацевтикалык кызмат көрсөтүүлөрдү лицензиялоо башкармалыгынын адиси; **Бозова Сайкалбубу Дюшеналиевнага –** Баткен облусундагы USAIDдин "Мыкты азыктануу" ("Лучшее питание") долбоорунун координатору; **Исаков Толо Байдалиевичке –** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик-санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин жалпы гигиена боюнча врачы; **Карагулова Ыкыбал Рысбаевнага –** Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын медайымдар иши боюнча директорунун орун басары; **Мамытканов Ракымжан Бектуровичке –** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин бааны түзүү жана мониторинг жүргүзүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; **Чымырбаева Анаркүл Шергазиевнага –** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын №2 урология бөлүмүнүн улук медайымы;

### "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам

**Бапов Сайдамматка –** Баткен облусунун Лейлек районунун Катран айыл өкмөтүнүн инвестиция боюнча башкы адиси;

### "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам:

**Абакиров Курманбекке –** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филология факультетинин кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы; **Абдувалиев Абдыганы Осмоновичке –** Ош мамлекеттик университетинин эл аралык байланыштар департаментинин директору, математика жана маалыматтык технологиялар факультетинин колдонмо информатика жана маалыматтык коопсуздук кафедрасынын доценти; **Абдувалиев Ибраимге –** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессору; **Айдарбекова Зифаргуль Мусулманкуловнага –** И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын гистология, цитология жана эмбриология кафедрасынын башчысы; **Алыбаев Курманбек Сармановичке –** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Фундаменталдык, колдонмо изилдөөлөр жана инновациалык технологиялар илимий изилдөө институтунун директору; **Алымкулов Самсалы Амановичке –** И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Маалыматык технологиялар институтунун информатика жана эсептөөчү техника кафедрасынын профессору; **Батаканова Светлана Топчиевнага –** К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча проректору; **Бейбутова Рысбюбю Алджамбаевнага –** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультетинин деканы; **Бейшембаева Кульнура Мукашевнага –** Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата шаарынын №3 "Ай-Данек" бала бакчасынын директору; **Бекбалаев Амангельды Абдыжапаровичке –** Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин гуманитардык факультеттин деканы; **Джолдошбекова Сарылканга –** Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин коомдук маданий иш кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучусу; **Исаков Топчубай Эргешовичке –**

*(Уландысы 5-бетте)*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРЫ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

*(Башталышы 4-бетте)*

Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин окуу иштери боюнча проректору; **Искендерова Сусарга –** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Үзгүлтүксүз жана аралыктан билим берүү институтунун педагогикалык билим берүү жана инновациялык технологиялар кафедрасынын башчысы; **Кудайбергенов Төрөбай Тургунбековичке –** К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин ветеринардык медицина жана биотехнология факультетинин биотехнология жана химия кафедрасынын профессору; **Курманкожоев Мукамбеталы Жунушалиевичке –** Билим берүү жана илим кызматкерлер профсоюзунун Нарын райондук комитетинин төрагасы; **Мамырова Токтокан Мамыровнага –** Ысык-Көл облустук билим берүү институтунун мектепти башкаруу жана педагогика лабораториясынын башчысы; **Машрапова Гүлай Эгемназаровнага –** Ош облусунун Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы; **Мукамбаев Нурбек Жээмбаевичке –** Эл аралык башкаруу, укук, финансы жана бизнес академиясынын маалыматтык системалар жана технологиялар кафедрасынын профессору; **Омурова Толкун Омуровнага –** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык факультетинин дин таануу жана теология кафедрасынын башчысы; **Садыкова Сымбат Зарылкановнага –** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Лингвистика институтунун немец тили кафедрасынын башчысы; **Ташбаев Азизбек Мазановичке –** М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин экономика жана башкаруу факультетинин бизнес-информатика жана маалыматтык экономика кафедрасынын башчысы; **Туркменов Мелске –** Чүй облусунун Токмок медициналык колледжинин тарых жана коомдук тартиптер сабагынын окутуучусу; **Эргешов Абжапар Абдыразаковичке –** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин география, экология жана туризм факультетинин география жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын профессору;

### “Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкер” деген ардактуу наам:

**Жаныбеков Бапа Раевичке –** “Кыргыз энергетикалык эсеп борбору” ачык акционердик коомунун башкы директору; **Раимбеков Уран Камилжановичке –** “Бишкекжылуулуктармагы” – “Электр станциялар” ачык акционердик коомунун филиалынын директору; **Эсенгелдиев Ооматбекке –** “Дастан” улуттар аралык корпорация” ачык акционердик коомунун “Дастан-35” филиалынын директорунун орун басары;

### “Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер” деген ардактуу наам:

**Баатыров Баймурзага –** “Б. Баатыров” дыйкан чарбасынын башчысы, Алай району, Ош облусу; **Кенжебаев Дыйканбай Бакашовичке –** Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинин директору; **Самудинов Бердибекке –** Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Токой кызматынын Жумгал токой чарбасынын директору; **Султанакунов Зарылбекке –** Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаментинин Нарын башкармалыгынын жетектөөчү адиси; **Тургуналиев Жыпаркул Тургуналиевичке –** “Тургуналы” дыйкан фермердик чарбасынын башчысы, Айтматов району, Талас облусу;

### “Кыргыз Республикасынын калкты тейлөө чөйрөсүнө эмгек сиңирген кызматкер” деген ардактуу наам:

**Атанаева Гульжан Есенжановнага –** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаментинин Бишкек борбордук бакыт өргөөсүнүн башчысы; **Бөлөкбаев Султанбекке –** “Кыргыз почтасы” ачык акционердик коомунун Аксы райондук филиалынын жетекчиси; **Турсункулов Джаамбайга –** “Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба боюнча Ош комбинаты” муниципалдык ишканасынын агроном-технологу;

### “Кыргыз Республикасынын транспортуна эмгек сиңирген кызматкер” деген ардактуу наам:

**Оргалчаев Маматбай Тойчуевичке –** “Эйр КейДжи” авиакомпаниясы” жоопкерчилиги чектелген коомунун инженердик-авиациалык кызматынын учак жана кыймылдаткычтар боюнча нөөмөт инженери; **Сыдыков Бактыбек Усеновичке –** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты; **Шамов Владимир Анатольевичке –** “Эйр КейДжи” авиакомпаниясы” жоопкерчилиги чектелген коомунун учуулар кызматынын ТУ-154М аба кемесинин командири; **Шатенов Аубекир Джилкичиевичке –** Кыргыз Республикасынын жарандык авиация кызматкери;

### “Кыргыз Республикасынын дене тарбиясына жана спортуна эмгек сиңирген кызматкер” деген ардактуу наам:

**Атазов Шайлообек Карыбековичке –** Кыргыз Республикасынын Улуттук бокс федерациясынын вице-президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты; **Джаилганов Садырбек Ыбыкеевичке –** Ысык-Көл облусунун Түп районунун балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин улук машыктыруучусу;

### Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйлансын:

**Абдиев Бакытбек Ишенгазиевич –** Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн Сокулук реабилитациялоо борборунун директору; **Абдрахманова Айнура Бошкоевна –** Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Балдар чыгармачылык үйүнүн директору; **Абыканова Айнура Кенешбековна –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин экспертизалоо башкармалыгынын өнөр жай менчик объекттерин экспертизалоо бөлүмүнүн башкы адиси; **Ажыбаева Жээнбүбү Мокешовна –** Чүй облусунун Аламүдүн районунун И. Айдарбеков атындагы №1 Лебединовка мектеп-гимназиясынын кыргыз тили мугалими; **Акбашова Алмакан –** Жалал-Абад облусунун Сузак районунун №57 “Саты” орто мектебинин башталгыч класстарынын мугалими; **Акматова Асылкан Чиналиевна –** Ысык-Көл облусунун Чолпон-Ата шаарынын Ибн Сина атындагы республикалык реабилитациялоо борборунун стоматолог врачы; **Анарбеков Шекербек Мырзабекович –** С.А. Чуйков атындагы Кыргыз мамлекеттик көркөм сүрөт окуу жайынын атайын дисциплина боюнча окутуучусу; **Аппасова Асылкуль Абдрахмановна –** Кыргыз Республикасынын улуттук телерадиоберүү корпорациясынын Улуттук биринчи каналынын “1 Канал” студиясынын жогорку баскычтагы режиссеру; **Асаналиева Рыскан Кулевна –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин бухгалтердик эсеп бөлүмүнүн башкы бухгалтери; **Асылымбекова Раиса Молдобековна –** Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Ж. Сатылганов атындагы орто мектебинин орус тили жана адабият мугалими; **Атабекова Нургуль Каримовна –** Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин эл аралык ишкердик укук жана саясат таануу кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучусу, илим жана инновациялар боюнча проректору; **Ахматов Манасбек Абылабекович –** Чүй облусунун Жайыл районундагы аймактык ооруканасынын травматология бөлүмүнүн башчысын; **Байтикова Эльмира Турдакуновна –** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору; **Батаңова Кекилик –** Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы №31 К. Чодошев атындагы орто билим берүү мектебинин англис тили мугалими; **Бекмуратова Ангелика Геннадьевна –** А. Малдыбаев атындагы В.И. Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын опера солисти - сахнанын алдыңкы устаты; **Бектенова Бүбүйра Биялиевна –** жазуучу, акын; **Бектурова Эркингул –** Ысык-Көл облустук Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын тарбиячысы; **Белеков Барктабас –** Нарын облустук сотунун басма сөз катчысы; **Беркматов Шамирбек Токтосунович –** Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин адамдын конституциялык типологиясы курсу менен нормалдуу жана топографиялык анатомия кафедрасынын доценти; **Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюму** – Женева шаары, Швейцария; **Гребнев Олег Анатольевич –** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Талас облусу боюнча башкармалыгынын Айтматов районунун өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн №91 өрткө каршы-куткаруу бөлүгүнүн өрт өчүрүүчү автомашинасынын айдоочусу; **Душеева Арзыкан Чермашевна –** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Калкты каттоо департаментинин Ош шаарынын №02-01 аймактар аралык бөлүмүнүн жетектөөчү адиси; **Евразия патенттик уюмунун Евразия патенттик ведомствосу** – Москва шаары, Россия Федерациясы; **Жамгырчиев Бердибек Шейшенбекович –** акын, жазуучу; **Жолдошбеков Есенгельди Жолдошбекович –** И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын академик К.Р. Рыскулова атындагы факультеттик хирургия кафедрасынын профессору; **Жоомартов Кумушбек Рысбекович –** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы; **Жумаева Динара Мусаевна –** Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министирлигине караштуу Ветеринардык кызматтын Ветеринардык диагностика жана экспертиза борборунун түштүк регион боюнча өкүлчүлүгүнүн начальниги – директордун орун басары; **Жусубалиев Эргеш Апазович –** Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Кырдаалдык борборунун эксперти; **Жусупова Гульнара Эргешевна –** Баткен облусунун Баткен районунун “Бужун” гимназия мектебинин орус тили жана адабияты мугалими; **Зиялиев Кадырбек Жанузакович –** К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин физика-математикалык жана табигый-техникалык факультетинин машина таануу жана автомобилдик транспорт кафедрасынын профессору; **Ибраев Аман Жумагулович –** “Кара-Балта спирт заводу” мамлекеттик ишканасынын директору; **Ибраимов Кубат Абдисеитович –** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча капиталдык курулуш департаментинин директору; **Имаралиева Батма Сейдахматовна –** Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын экономика жана комплекстүү өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы; **Исаева Айчүрөк Молдобаевна –** Талас облусунун Айтматов районунун жалпы дарыгердик практика борборунун психиатрия бөлмөсүнүн медайымы; **Исманкулова Айнура Төлөбековна –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Котормо борборунун эксперти; **Калиева Рахат Сатыбалдиевна –** Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илим-изилдөө институтунун коронардык ооруларынын жана жүрөктүн капкак хирургиясы бөлүмүнүн кардиолог-врачы; **Калыев Дастан Мыктарбекович –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнүн жана жүгүртүүнүн контролдоо боюнча мамлекеттик агенттиктин алкоголдук рынокту жана тамеки буюмдарынын жүгүртүүнүн контролдоо боюнча бөлүмдүн начальниги; **Калыков Кубанычбек Туркбаевич –** “Арх-Универсал” жоопкерчилиги чектелген коомунун музыканты; **Каразаков Мурза Ашимович –** Ош облусунун Ноокат районунун балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин грек-рим күрөшү боюнча машыктыруучусу; **Каримова Рахат Абдылдаевна –** Бишкек шаардык сотунун судьясы; **Карыбай уулу Канатбек** – Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Эл аралык кызматташтык бөлүмүнүн башчысы; **Кожоев Турсунбай –** Ош облусунун Өзгөн район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун эпидемиолог-врачы; **Кошоева Бүбүмариям Аттокуровна –** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кесиптик башталгыч билим берүү агенттигинин Токмок индустриалдык-педагогикалык колледжинин психология окутуучусу; **Куваков Женишбек Мамадалиевич –** Жалал-Абад облусунун Сузак районунун №10 “Көк-Арт” мектеп-гимназиясынын математика мугалими; **Кулуева Элнура Шабданбековна –** журналист, публицист; **Курманов Улан Эсембекович –** И. Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунун директору; **Кушбакова Иноятхан Аскаровна –** Жалал-Абад облусунун Таш-Көмүр шаарынын билим берүү бөлүмүнүн К. Осмонкулов атындагы №2 орто мектебинин орус тили жана адабияты мугалими; **Кыдырмышев Арнис Абдрахманович –** Т. Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын артисти; **Лурова Лейла Хияновна –** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаты; **Мадмаров Азизбек Маматович –** Кыргыз Республикасынын Түркмөнстандагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси; **Мазиев Туратбек Абдыкадырович –** Талас облусунун Манас районунун балдар өспүрүмдөрдүн спорт мектебинин методисти; **Мамадалиева Бактыгуль Кимсановна –** Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун жалпы дарыгердик практика борборунун №12 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медайымы; **Мамбетаипова Чолпон Асаналиевна –** Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жана улгайган жарандарга карата чечимдерди даярдоо боюнча башкармалыгынын башкы адиси; **Мевазов Юсуп Харсанович –** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Чүй облусунун Аламүдүн районунун башкармалыгынын начальнигинин орун басары; **Молдажиев Илияскар –** Банктарды жоюу боюнча агенттиктин укуктук камсыздоо жана карыздарды өндүрүү бөлүмүнүн башкы адиси; **Молдобаев Эрнис Укоевич –** “Авангард Стиль” курулуш компаниясы” жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы прорабы; **Молдоисаев Бакытбек Молдоисаевич –** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгынын Балыкчы шаары боюнча №19 өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы, полковник; **Монолдоров Жолдошбек Акылбекович –** Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун эл аралык байланыштар боюнча катчысы; **Мусапова Мукарам Таабалдыевна –** Ош облусунун Алай районунун жалпы дарыгердик практика борборунун №8 Сопу-Коргон үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун Терек фельдшер-акушердик пунктунун медайымы; **Мырзалиев Токторумбет Акылбекович –** ветеринардык кызматтын кызматкери, Чаткал району, Жалал-Абад облусу; **Омуров Абдикарим Макамбаевич –** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын Жалал-Абад шаары боюнча өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн №58 өрткө каршы-куткаруу бөлүгүнүн башчысы; **Орозбекова Эркингуль Орозбековна –** Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу бөлүмүнүн кадрдык иштер секторунун эксперти; **Раев Абибилла Абылович –** жеке ишкер, Ноокат району, Ош облусу; **Разаков Орунбай –** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук фтизиатрия борборунун өпкө кургак учук хирургиясы бөлүмүнүн башчысы; **Раимжанова Напа Апишовна –** Бишкек шаарынын мэриясынын “Тазалык” муниципалдык ишканасынын кызматкери; **Рысбаева Гульмира Казыбаевна –** Бишкек шаарынын Ленин районундагы №59 жалпы билим берүү орто мектебинин математика мугалими; **Сапьянова Айзада Рахимовна –** А. Умуралиев атындагы Бишкек шаардык драма театрынын артисти; **Ташманбетова Таалайкүл Карыбековна –** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин көркөм өнөр факультетинин театралдык искусство кафедрасынын улук окутуучусу; **Тойгонбаев Азанкул Биймырзаевич –** Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Токой кызматынын Чүй токой аңчылык чарбасынын Ысык-Ата токойчулугунун токой башчысы; **Токтогулов Алмаз Анварбекович –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттиктин директору; **Тохтурбаев Убайдула Фатуллаевич –** Бишкек шаарынын Октябрь районунун №62 мектеп-гимназия окуу тарбиялоо комплексинин таэквондо боюнча жетекчи-машыктыруучусу; **Түлөбаев Балбак Зарлыкович –** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты; **Тынышов Тажибай Мамбетович –** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы; **Тюлегенова Райкан Малаевна –** М. Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борборунун ургенттик кардиология жана реанимация бөлүмүнүн медайымы; **Ургазиева Чынар Асанкадыровна –** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын №1 неврология бөлүмүнүн невролог-врачы; **Фойкина Кристина Валерьевна –** Ч. Айтматов атындагы Мамлекеттик улуттук орус драма театрынын артисти; **Цой Андрей Рудольфович –** И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын дипломдон кийинки медициналык билим берүү факультетинин хирургиялык стоматология жана имплантология кафедрасынын доценти; **Чөкөгулов Таалайбек –** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорологиялык кызматтын “Токтогул” бириккен гидрометеорологиялык станциясынын “Нарын – Үч-Терек” гидрологиялык постунун жогорку категориядагы техник-гидрологу; **Шаршеева Кыял Асанбековна –** Кыргыз Республикасынын улуттук телерадиоберүү корпорациясынын “Ала-Тоо 24” каналынын баяндамачысы, редактору, алып баруучусу; **Эрматова Гүлнара Калыковна –** Бишкек шаарынын Ленин районунун №55 жалпы орто билим берүү мектебинин химия жана биология мугалими; **Эшматова Бурулай Баимбековна –** Баткен облусунун Сүлүктү шаарынын жалпы дарыгерлер практикасы борборунун хирургия бөлүмүнүн операциялык медайымы; **Юданов Анатолий Васильевич –** Россия Федерациясынын Новосибирск облустук мамлекеттик клиникалык ооруканасынын башкы врачы, Новосибирск облусунун Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты; **Юлдашева Сабирагул Токтоматовна –** Жалал-Абад шаарынын Т. Кошматов атындагы №10 мектеп гимназиясынын англис тили мугалими.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 23-августу, ПЖ №206***

КҮНДҮН СУРООСУ
www.erkin-too.kg

# БЫЙЫЛ ДА ОКУУ КИТЕПТЕРИ ТАҢКЫСПЫ?..

*Жаңы окуу жылы башталгандан бери ватсап группаларда ата-энелер китеп соодасын кайрадан жүргүзө башташты. Айрымдар китеп сатам десе, башкалары мектепте жок китепти издеп кайрылуу жазышууда. Китеп саткан дүкөндөр кардарларга толгон. Эмне үчүн окуу жылы башталганда ата-энелер дайыма китеп издеп убара болушат? Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана китеп басып чыгаруу секторунун башкы адиси Самат ТОЯЛИЕВ биздин суроолорго жооп берди.*

**- Самат мырза, эмне үчүн быйыл да ата-энелер китеп издешүүдө? Мектептерде китеп жетишсиздиги барбы?**

- Быйыл жаңы окуу жылына карата окуу-методикалык комплектерди даярдоого жана сатып алууга республикалык бюджеттен 152 миллион сом каралган. Бүгүнкү күндө 36 882 920 сомго 136 320 нуска басылып чыккан. Алардын басымдуу бөлүгү 7-8-класстын окуучуларына арналган. Ал эми сентябрдын ортосунда "Алиппе" китебин басып чыгаруу пландалууда. Алдыда дагы миллиондон ашык китеп даярдалууда. Андан тышкары, окуу китептеринин ижара акысынан түшкөн каражаттын эсебинен 172 миллион сомго 622 105 нускада окуу-методикалык комплектер басылып чыгат.

**- Алиппе китеби сентябрь айынын орто ченинде басылып чыга турган болсо, ага чейин окуучулар кайсы китепти окушат?**

- Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан буга чейин сунушталып келген Сулайман Рысбаев сыяктуу авторлордун Алиппе китеби пайдаланылат.

**- Ар мектепте ар кандай китептер колдонулуп келет. Эмне үчүн?**

- Билим берүү жөнүндө мыйзамда мугалимге китеп тандоо укугу берилген.

*Биз Билим берүү жана илим министрлигинин өкүлү менен баарлашкан соң, китеп таңкыстыгынын жана ватсап группалардагы китеп соодасынын кайдан келип чыкканын түшүндүк. Эгер ар бир мектеп өзү каалаган китебин тандап алуу укугуна ээ болсо, албетте ата-энелер китеп издеп дүкөн кыдырышат. Ар мектепте ар кандай китептердин окутулушу, албетте, баш аламандыкка алып келет. Билим берүү жөнүндө мыйзамдын 21-беренесинде "Билим берүү уюму баалоо системасын, билим берүү процессинин методикаларын жана билим берүү технологияларын, анын ичинде аралыктан билим берүү технологияларын өз алдынча тандайт" - деп жазылып турат. Билим берүү жана илим министрлиги билим берүү уюмдарына бекитилген стандарттарга ылайык айрым авторлордун китептерин сунуштап, ал эми мектеп ошол авторлордун китептерин өз алдынча тандап окутат. Мындай ыкма мугалимдердин чыгармачылыгын колдоо үчүн киргизилгенин министрликтен билдиришти.*

*Билим берүү жана илим министрлигинин буйругуна ылайык, быйылкы окуу жылында китеп ижара акысы 25 сом деп бекитилген. Тийиштүү буйрукка министр Каныбек Иманалиев кол койду. Окуу китебинин ижара акысын төлөө мөөнөтү 2023-жылдын 31-декабрына чейин деп белгиленген. Мектептерде окуу китептеринин ижара акысын киргизүү жаңы китептерди сатып алууга шарт түзөрү айтылды. 2017-жылга чейин чыгарылган китептерге ижара акы алынбайт.*



**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

## 2021-ЖЫЛДЫН 28-НОЯБРЫНДА БОЛУП ӨТКӨН №4 КӨК-ЖАР БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТЫН ШАЙЛООДО МЫЙЗАМ БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН МАТЕРИАЛДАРЫ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

2021-жылдын 12-декабрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) «№4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоонун натыйжалары жөнүндө» №822 токтому менен №4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоонун натыйжалары аныкталган:

1) №4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо болуп өттү деп таанылган;

2) №4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайланган депутаты болуп Бакиров Өмүрбек Мирзараимович таанылган.

№4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Р.Р.Рысбаевдин өкүлү А. Жумалиев соттук тартипте даттанганда, Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2021-жылдын 17-декабрындагы чечими жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2021-жылдын 23-декабрындагы токтому менен Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы №822 токтому мыйзамдуу деп таанылып, күчүндө калтырылган.

Борбордук шайлоо комиссиясынын жогоруда аталган 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтомунун негизинде, 2023-жылдын 27-декабрында Борбордук шайлоо комиссиясынын №838 токтому кабыл алынган, ал токтом менен Ө.М. Бакиров Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп катталган.

2022-жылдын декабрында Р.Р. Рысбаевдин өкүлү А. Жумалиев тарабынан – Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 192-беренесинин 1-бөлүгү менен айыпталган Х.Б.Гоиповду жана Ф.М.Норматовду шайлоочулардын добуштарын сатып алууга күнөөлүү деп тапкан Ноокат райондук жана Ош облустук сотторунун өкүмдөрүн эске алуу менен Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2021-жылдын 17-декабрындагы чечимин жаңы ачылган жагдайлар боюнча кароо жөнүндө доо арызы Бишкек шаарынын Административдик сотуна берилген.

2022-жылдын 12-декабрында Бишкек шаарынын Административдик соттун ишти кароонун жыйынтыгы боюнча, Р.Р.Рысбаевдин жаңы ачылган жагдайлар негизинде кайра кароо арызы канааттандырылып, Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2021-жылдын 17-декабрындагы чечимин (№АД-1368/21абс8) жокко чыгаруу тууралуу аныктама кабыл алынган.

Борбордук шайлоо комиссиясы жана Ө.М. Бакиров тарабынан апелляциялык жана кассациялык инстанцияларга даттанууда, Бишкек шаардык Административдик сотунун 2022-жылдын 12-декабрындагы аныктамасы Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 6-февралындагы аныктамасы менен жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 26-апрелиндеги токтому менен күчүндө калтырылган.

2023-жылдын 7-июнунда, Бишкек шаарынын Административдик соту Р.Р. Рысбаевдин арызын маңызы боюнча карап чыгып, арыз боюнча анын талабын канааттандырып, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы №1433 чечимин жана 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтомун жокко чыгарган.

Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан Административдик соттун аталган чечими жогору турган инстанцияга даттанылып, Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 26-июндагы аныктамасы менен жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 18-августундагы токтому менен Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтомун жокко чыгаруу тууралуу 2023-жылдын 7-июнундагы Бишкек шаарынын Административдик сотунун чечими күчүндө калтырылган.

Жогоруда аталган сот актылары менен шайлоо болду деп таанылган, ал эми Ө.М. Бакиров шайланган депутат болуп таанылган «№4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоонун натыйжалары жөнүндө» Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтому жокко чыгыралган.

**2023-жылдын 26-августунда** Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 26-июндагы аныктамасы менен жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 18-августундагы токтому менен күчүндө калтырылган Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2023-жылдын 7-июнундагы чечимин аткарууда Борбордук шайлоо комиссиясы 2021-жылдын 27-декабрындагы №838 токтомун Ө.М. Бакировду Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты катары каттоо бөлүгүндө жокко чыгарган, анткени ал токтомду кабыл алууга негиз болгон Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтому сот актылары менен жокко чыгарылган.

Соттун чечимине ылайык, мында, жаңы ачылган жагдайлар болуп 2022-жылдын 22-январындагы Ноокат райондук сотунун жана 2022-жылдын 31-мартындагы Ош облустук сотунун күчүнө кирген өкүмдөрү Р.Р. Рысбаевдин арызын кайра кароо үчүн негиз болгон, анда жарандар Х.Б. Гоипов жана Ф.М. Норматов №4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо мезгилинде шайлоочулардын добуштарын сатып алууда күнөөлүү деп таанылган.

Жарандар Гоипов Х.Б. жана Норматов Ф.М Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 1-бөлүгүндө гана каралган шайлоочулардын добуштарын сатып алууга күнөөлүү деп таанылып, бул жерде субьект болуп жарандар өздөрү саналарын (талапкердин катыштыгы аныкталбай) белгилөө зарыл.

Баяндалгандарга байланыштуу, Борбордук шайлоо комиссиясы 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтомду кабыл алууда ошол учурдагы колдо болгон, шайлоочулардын добуштарын сатып алуу фактылары боюнча тергөө жүргүзгөн укук коргоо органдарынын маалыматтарына негизденгендигин белгилейт.

Түздөн-түз аталган округ боюнча шайлоонун натыйжаларын белгилөө алдында, министрдин орун басары Э. Аширходжаевдин колу коюлуп, **2021-жылдын 8-декабрында берилген** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин корутундулаган маалыматы (№1/7137) суратылып алынган жана каралган, ага ылайык *«КР ЖК депутаттыгына талапкер Ө. Бакировдун, добуштарды сатып алуу боюнча өзүнчө бөлүнгөн сотко чейинки өндүрүш ишине катыштыгы бар экендигин далилдеген маалыматтар табылган эмес».*

Кийин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан 2022-жылдын 16-декабрындагы министрдин орун басары кол койгон №СЭД-3401 маалыматы жиберилген, анда өзүнчө өндүрүшкө бөлүнгөн Ө.М. Бакировго карата кылмыш иши боюнча тергөө улантылып жатканы айтылган.

Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 12-декабрындагы №822 токтому сот актылары менен жокко чыгарылгандыгына байланыштуу, шайлоонун натыйжалары жөнүндө маселени кароо үчүн 2023-жылдын 21-августунда Борбордук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине өзүнчө өндүрүшкө бөлүнгөн Ө.М. Бакировго карата кылмыш ишин тергөөнүн жыйынтыгы боюнча маалымат берүү тууралуу суроо-талап (№04-9/743) жөнөткөн.

2023-жылдын 30-августунда Борбордук шайлоо комиссиясына Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинен 2023-жылдын 29-августунда Бакиров Өмүрбек Мырзараимовичке №03-040-2021-001548 кылмыш ишинин алкагында Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинде (шайлоочулардын добуштарын сатып алуу) каралган кылмышты жасагандыгы үчүн күнөө коюлгандыгы тууралуу маалымат (№СЭД-3450) келип түшкөн.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 37-беренесинин 4-1-бөлүгүнө ылайык: *«Эгерде шайлоолорго даярдануу, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды саноо, добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилөө учурунда талапкер, саясий партия тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыгын анык белгилөөгө мүмкүндүк бербеген бузуулар орун алса, же шайлоочулардын эрк билдирүүсүнө таасир көрсөтүлсө, Борбордук шайлоо комиссиясы **талапкер**, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын анык эмес деп таанууга укуктуу.*

*Шайлоо мыйзамдарынын бузулушун аныктоонун натыйжасында добуш берген күндөн кийин талапкер, саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгы анык эмес деп таанылган учурда, шайлоочулардын **талапкерге**, саясий партияга берген добуштары шайлоо бюллетендерин анык эмес бюллетендерге кошуу менен жараксыз деп таанылат».*

Жогоруда аталган берененин 5-бөлүгүнө ылайык: *«Шайлоо участогунда **добуш берүүнүн,** добуштарды саноонун же добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоонун **жүрүшүндө шайлоочулардын өз эркин билдирүүлөрүнө таасир эткен,** добуш берүү күнү үгүт жүргүзүү, жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууларына, добуш берүүдө байкоо жүргүзүүгө тоскоолдук кылуу, башка шайлоочулар үчүн добуш берүү, шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүү, **шайлоочуларды сатып алуу** менен байланышкан бузуулар шайлоочулардын эркин билдирүүсүнө таасир эткен **бузуулар деп түшүнүлөт».***

Бишкек шаардык сотунун 2023-жылдын 26-июнундагы аныктамасы менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2023-жылдын 18-августундагы токтому менен күчүндө калтырылган Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2023-жылдын 7-июнундагы чечимин аткарууда, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2023-жылдын 30-августундагы маалыматынын, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 26-августтагы №81 токтомунун негизинде, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 37, 64-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 37-беренесинин 4-1-бөлүгүнө ылайык талапкер Ө.М. Бакиров боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгы анык эмес деп таанылсын.

**2.** Рысбаев Равшанбек Рысбаевич №4 Көк-Жар бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп катталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин катталган депутатына белгиленген үлгүдөгү ырастама жана төш белги берилсин.

**4**. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүлсүн.

**5**. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 30-августу, №82***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 12-АПРЕЛИНДЕГИ №214 "ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮНҮН АЙРЫМ ТҮРЛӨРҮН АТАЙЫН ПАЙДАЛАНУУГА ЧЕКТӨӨЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Биологиялык ар түрдүүлүктү колдоо, жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин сактоо жана сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 12-апрелиндеги №214 "Жаныбарлар дүйнөсүнүн айрым түрлөрүн атайын пайдаланууга чектөөлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**2**. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**3**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 23-августу, №421***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2016-ЖЫЛДЫН 11-АВГУСТУНДАГЫ №440 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЕЛГИЛҮҮ БИР МЕРГЕНЧИЛИК ЖЕРЛЕРИНДЕ МЕРГЕНЧИЛИК ЧАРБА ИШИН ЖҮРГҮЗҮҮ УКУГУН ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА БЕРҮҮ КОНКУРСУН ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын белгилүү бир мергенчилик жерлеринде мергенчилик чарба ишин жүргүзүү укугун юридикалык жактарга берүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-августундагы №440 "Кыргыз Республикасынын белгилүү бир мергенчилик жерлеринде мергенчилик чарба ишин жүргүзүү укугун юридикалык жактарга берүү конкурсун өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын белгилүү бир мергенчилик жерлеринде мергенчилик чарба ишин жүргүзүү укугун юридикалык жактарга берүү конкурсун өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жободо:

- төмөнкүдөй мазмундагы $65^1$-пункт менен толукталсын:

"$65^1$. Кыргыз Республикасынын белгилүү бир мергенчилик жерлеринде мергенчилик чарба ишин жүргүзүү укугун юридикалык жактарга берүү конкурсун өткөрүү үчүн Комиссиянын курамына талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө экологиялык өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан арыз берилбеген учурда, бул мергенчилик жерлерге мурда түзүлгөн мындай Келишимдердин колдонулушу Конкурсту уюштуруучунун буйругу менен айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузбаган жана келишимдик милдеттенмелерди аткарган тиешелүү аңчылыкты пайдалануучу үчүн кийинки мезгилге, бирок 12 айдан ашпаган мезгилге узартылат".

**2.** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 23-августу, №423***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2015-ЖЫЛДЫН 20-ОКТЯБРЫНДАГЫ №715 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮНҮН ОБЪЕКТТЕРИН АТАЙЫН ПАЙДАЛАНГАНДЫГЫ ҮЧҮН АКЫ ТӨЛӨӨНҮН СТАВКАЛАРЫН ЖАНА АЛАРДЫ АЛУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдаланууну жүзөгө ашыруунун жана жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоону күчөтүүнүн белгиленген тартибинин сакталышы үчүн жоопкерчиликти жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-октябрындагы №715 "Кыргыз Республикасында жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин атайын пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнүн ставкаларын жана аларды алуу жана пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин атайын пайдалангандыгы үчүн акы төлөөнүн ставкаларында:

- 8-пунктта "30 000,0" деген цифралар "60 000,0" деген цифраларга алмаштырылсын;
- 9-пунктта "100 000,0" деген цифралар "200 000,0" деген цифраларга алмаштырылсын;
- 10-пунктта "700 000,0" деген цифралар "1 000 000,0" деген цифраларга алмаштырылсын;
- 34-пунктта "300,0" деген цифралар "1000,0" деген цифраларга алмаштырылсын;
- 35-пунктта "60,0" деген цифралар "150,0" деген цифраларга алмаштырылсын;
- 37-пунктта "300,0" деген цифралар "600,0" деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 23-августу, №422***

## МАМЛЕКЕТТИК КҮЗӨТ ОРГАНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК ЖАКТАН КАМСЫЗДОО ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Мамлекеттик күзөт жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине шайкеш келтирүү, ошондой эле мамлекеттик күзөт объекттеринин коопсуздугун камсыздоо боюнча жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу үчүн мамлекеттик күзөт органын сапаттуу жабдуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Мамлекеттик күзөт органын материалдык-техникалык жактан камсыздоо жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин 9-кызматы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы үчүн тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга каралган каражаттын чегинде ишке ашырылат деп белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 23-августу, №426***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ "РЕСПУБЛИКАЛЫК АДИСТЕШТИРИЛГЕН КОМБИНАТ" МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17, 26-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемеси түзүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынан Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемесине тиешелүү функциялар өткөрүп берилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобо ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемесинин карамагына төмөнкүлөрдү өткөрүп берсин:

- 48 бирдик сандагы штаттык бирдикти, анын ичинде 10 штаттык бирдик негизги персоналды, 38 штаттык бирдик техникалык жана тейлөө персоналды;
- финансылык жана материалдык-техникалык каражаттарды.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №262 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жөнүндө жободо:

- 11-пункттун 4-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы онунчу-он үчүнчү абзацтар менен толукталсын:

"- радиоактивдүү калдыктарды жана радиоактивдүү изотопторду чогултууну, ташууну жана көмүүнү уюштурат;

- экономиканын ар кандай тармактарында радиоактивдүү заттарды жана радионуклиддерди камтыган башка материалдарды ташууну уюштурат;

- радиоактивдүү изотоптор менен булганган атайын кийимди, жеке коргонуу каражаттарын жана ич кийимди дезактивдештирүүнү жүргүзөт;

- радиоактивдүү заттарды жана радиоактивдүү изотопторду утилдештирүү боюнча ишти уюштурат;";

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги | 4995 | 515 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппарат | 124 | 40 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 3911 | 216 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 960 | 259 |

".

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 "Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын уставында:

- 20-пункттун 22-пунктчасы жана 22-пункттун 16-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 34-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"34. "Кыргызжылуулукэнерго" МИ "Миң-Куш айылын тиричилик жактан тейлөө ишканасы" филиалын кошпогондо, өз ишин толук чарбалык эсеп жүргүзүү, өзүн-өзү каржылоо жана өзүн актоочулук принциптеринде жүргүзөт, ошондой эле өз алдынча балансқа, негизги жана жүгүртүүдөгү каражаттарына ээ.";

- 40-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) "Миң-Куш айылын тиричилик жактан тейлөө ишканасы" филиалын күтүүгө кеткен чыгымдар каржыланат.";

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын башкаруу схемасы ушул токтомдун 4-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**8.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-августундагы №435 "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын республикалык адистештирилген комбинатынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемесинин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө";

2) преамбуладагы, 1, 2, 3, 4-пункттардагы "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын республикалык адистештирилген комбинатынын" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемесинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемеси ушул токтомдун 3-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

4) жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинде:

- аталышындагы жана 1-пункттагы "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын Республикалык адистештирилген комбинатынын" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемесинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 4-пункт "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын системасында" деген сөздөрдөн кийин "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемесинде" деген сөздөр менен толукталсын;

- 6-пункттун үчүнчү абзацындагы "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемесинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 6-пункттун төртүнчү абзацындагы "жаратылышты коргоо ишин жүзөгө ашырган "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемесинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

5) жогоруда аталган токтомдун 3-тиркемесинин аталышындагы "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын республикалык адистештирилген комбинатынын" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемесинин" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**9.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги:

- өздөрүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

- ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**10.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**11.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 23-августу, №425***

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



№71 (3520)
2023-жылдын 5-сентябры

ЭЛ ӨКҮЛҮ ЭМНЕ ДЕЙТ?
www.erkin-too.kg

Маектешим кыргыз парламентинин 4 чакырылышына депутат болгон “ардагер” эл өкүлдөрүнүн бири. Тажрыйбалуу депутат менен жайкы эс алуудан соң баарлашып кайттым. Эмесе, саясат, учур кырдаалы боюнча темаларга “бугун төккөн” эл өкүлүнүн маегине күбө болуңуздар...



### Жогорку Кеңештин депутаты Улугбек ОРМОНОВ:

# “Жасалган жакшы иштер элге ачык айтылбай жатат”

**- Улугбек мырза, жай бою эл аралап, ага удаа эс алуунун да катыгын берсеңиз керек. Эл арасындагы түзүлгөн абал, көйгөйлөр боюнча парламент трибунасынан эмнени айтайын деп келдиңиз?**

- Бул жайдагы эл менен жолугушуум кичи мекеним Өзгөн районунда болду. Бүгүн карапайым элди эмне тынчсыздандырат? Көбүнчө күнүмдүк көйгөйлөр, өзгөчө азык-түлүккө болгон ыксыз кымбаттоолор, сот адилетсиздиги, күч органдарына болгон нааразычылыктар элибиздин көкөйүнө тийген көйгөйлөрдөн экен. Кыскасы, суроолор көп. Социалдык имараттар боюнча ошол эле Өзгөн районунда жакшы иштер жүз берип жаткандыгын адилеттүүлүк үчүн да айтып коюш керек. Советтер Союзу ыдырагандан бери Өзгөндөгү Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн Жаман-Адыр тилкесинде иштебей калган суу каналы боло турган. Ошол жерге суу чыгаруу боюнча тээ ала жазда Президенттин жеке өзүнө кайрылгам. Садыр Нургожоевич ушул өтүнүчүмдү колдоп, өзүнүн фондунан 100 миллион сом каражатын бөлүп берген. Ушул иш абдан жакшы ыргакта жүрүп жатканын өз көзүм менен көрүп кайттым. Аталган канал 2024-жылы курулуп бүтсө, 719 гектар жерге суу жетет. Жүздөгөн какыраган кайрак жерлер Кудай буйурса сугат талаасына айланат. Өзгөндөгү мындай өзгөчө жакшы ишти жергиликтүү тургундар өтө терең баса белгилеп, кубаттап жатышат. Канча жылдан бери бийлик көңүл бурбай келген жерге мамлекеттик казынадан каражат каралбаса дагы Президентибиз жеке өзүнүн фондунан каражат бөлүп берип, булактын көзүн ачкандай чоң соопчулук иштин өтөөсүнө чыкканы турат.

**- Бала бакчалар менен мектеп жаатында да көйгөйлөр болсо керек?**

- 1-сентябрга карата Өзгөн районунда 4 мектептин ачылышы болуп, райондогу жагымдуу окуялардын бирине айланды. Буга удаа Өзгөндөгү эл менен жолугушууга Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев менен чогуу барып, авариялык абалдагы мектептердин абалы менен таанышып кайттык. Капиталдык оңдоп-түзөөдөн же жаңы салына турчу тизмеге кирип, бирок, мамлекеттик казынадан акча каражаты каралбай калган бир топ социалдык имараттардын, билим уяларынын абалы менен тааныштым. Мындай иштердин жакшы-жаманын, айрым көйгөйлөрдүн бардыгын парламенттин сессиясынан көтөрүп чыгып, бийликтин алдына коюшка даярданып жатам. Көйгөйлөрдү жөн эле көтөрүп койбой, маселелер качан чечиле турганы боюнча бир катар суроолорду коймокчумун.

**- Шайлоочулардын дембедем кайрылуусу менен өтүнүч-суранычтарын аткаруу эл өкүлүнүн канат-бутагы кыркылган азыркыдай шартта кыйынчылыкты жаратат бекен?**

- Берген соболуң бир эседен абдан туура. 2010-жылдан кийин элдин талабы менен депутаттардын саны 120га жетип, “парламенттик башкаруунун кесепетинен ар партия районшаарларга чейин бөлүп алды” деген өңдүү нааразычылыктар күчөгөн. Учурда Президенттик башкарууну баштан кечирип жатабыз. Мунун да өзүнүн оошкыйыш, жакшы-жаман жактары бар экен. Ошол кемчиликтеринин бири парламенттин көп укуктарынын кесилип калгандыгында болууда. Себеби, буга дейре иштебей же кашаң жүрүш менен илең-салаң жүргөн министрди кызматтан алуу талабын коюп, аны Президент сөзсүз аткара турган болсо, учурдагы башкарууда аткаруу бийлигинин башында турган Өлкө башчысы бул маселени өзү чечет. Биз албетте, сунуш беребиз. Аныгында парламенттин негизги милдети мыйзам чыгаруу болуп эсептелери ырас. Социалдык маселелер көп болуп, жер-жерлерде көйгөйлөр көбөйгөндүктөн, парламент депутаттары бийлик менен элдин ортосундагы көпүрө болуп, жогору жакка жетпей жаткан көйгөйлөрдү жеткире турган вазыйпаны аркалап келишет. Туура, учурда парламенттеги эл өкүлчүлүк милдет бир эседен аксап калгандай көрүнүүдө. Ошого карабай эл өкүлдөрүнүн парламенттин трибунасында микрофону, бийликтин астына коё турчу 2 рычагы бар. Бири, мамлекеттик казынаны кабыл алууда, экинчиси аны көзөмөлдөө...

**- Соңку убакта Өзбекстанга ижарага берилген 4 пансионат далалайларды “экспертке” айлантпадыбы. Дал ушул маселелердин тагдыры буга чейин да парламентте көтөрүлгөн. Сиз эл өкүлү катары бул иштерден жакшы кабардар экениңизди билем. Андыктан, Өзбекстанга кайрадан ижарага берилген пансионаттардын тагдыры боюнча оюңуз кандай?**

- Бул иштер боюнча алгачкы күндөрү көпчүлүк, айрыкча социалдык түйүндүн катталуучулары кыжырданган тейде өтө катуу нааразычылыктарын билдирип турушту. Өзүң айткандай маселени билгени деле, билбегени дагы пикир айткандарычы! Ушул маселе көтөрүлгөндөн кийин мен атайын салык кызматына кайрылып, 4 пансионат тууралуу маалыматтарды алдым. Андыктан, сенин сурооңо тастыкталган сандар менен жооп берейин. Маселен, ошол эле төрт пансионаттын бири болгон “Рахатты” алалы. Бул пансионатты 2016-жылы өзүбүзгө алганга чейин жылына үч жарым, төрт миллион сомго чейин салык төлөп турган экен. 2016-жылы өзүбүзгө алгандан кийин ушул эле “Рахат” пансионаты ар жылы бир миллион бир жүз миңден, бир жарым миллион сомго чейин гана салык төлөп туруптур. Ал эми бул көрсөткүч 2021-жылы 300 миң сомду гана түзүптүр. Көрдүңөрбү, бул жерде биз жогорудагы төрт пансионатты өзүбүзгө алгандан кийин салыктар азайып кеткендиги ачык көрүнүп турат. Мен бул жерде Өзбекстанга өтүп кеткен 4 пансионаттын бирөөсү боюнча гана салыштырмалуу маанайда сандардын тили менен сөз кылдым. Калган үчөөндө деле ушундай көрсөткүч. Керек болсо мындан да төмөн экен. Мунун өзү биз Өзбекстанга ижарага берилген пансионаттарыбызды кандай башкарганыбызды көрсөтүп турат. Андыктан, мындан ары да өзбек туугандарыбыз ижарага алган пансионаттардан баштагыдай салык түшүп турса, мунун өзү өлкөбүздүн казынасы үчүн жакшы болгон жатпайбы.

**- Быйыл эгемен өлкөбүздүн тарыхында болуп көрбөгөндөй мектептер салынганын министр Каныбек Иманалиев шардана кылды. Албетте, ылайым эле ушундай иштер улана берсин дейңизчи. Дал ушундай жылыштарды карапайым элге кеңири түшүндүрүп берүү жагынан аксап жаткан жокпузбу?**

- Сенин пикириң менен макулмун. Маселен, жогоруда биз кеп кылган Өзбекстанга ижарага кеткен 4 пансионат боюнча маалыматтарды сандардын тили менен салыштырып, ошол эле салык кызматы, Министрлер Кабинетинин курамы элге туура, так түшүндүрүп, образдуу айтканда “чайнап бериш” керек болчу. Керек болсо “эй, айланайындар, биз 4 миллион сом салык алган жерден жүз миң сом алып калдык” деп айтып чыгыш керек эле. Биз азыр жакшы иштерибизди жакшы деп айта албай жаткандыгыбыз ачык болуп жатат. Учурда дүйнө саат, секунд санап өзгөрүп, өнүгүүдө. Кыргызстанда жашыбыздан карыларыбызга чейин социалдык түйүндөрдө отуруп, интернеттин ичегисин чубап жатышат. Бийликтин жакшы иштерин дал ушул социалдык түйүндөр аркылуу даңазалап, элге түшүндүрүп берүү жагын да колго алышса, коомубуздун талабына жооп беришсе дээр элем.

**- Сырттагы бааны оздукташ кыйын болуп жаткан жокпу? Күйүүчү май күн санап кымбаттап жатат. Абалыбыз кантет?**

- Россия санкцияга кабылып жаткан чакта, рублдин куну түшүп жаткан азыркыдай шартта биз эмнеге күйүүчү майды рубль менен албай жатабыз? Мен ушул жагына таңмын... Керек болсо орустар өздөрү эки өлкөнүн ортосундагы соода-сатыкты улуттук валютасында жүргүзүүнү сунап жатышат. А биз күйүүчү майды алардан дагы да болсо доллар менен алып жатабыз. Бажы биримдигине кирген өлкөлөрдөн келишимдерди аткарууну талап кылуу биздин Министрлер Кабинетинин түздөнтүз милдети. Өзгөчө соңку убактагы кошуна Казакстандын кылган мамилеси биздин суу чарба департаментинин суу бөлүштүрүү кызматынын түздөн-түз күнөөсүнүн айынан келип чыкты. Биздин суу чарба департаменти “казактар сууну июнь айында көбүрөөк сурагандыктан биз августтун нормасын июлда берип койгонбуз” деп алакан жайышууда. Таң каласың, өзүбүздө июнь, июль айларында суу жетишсиз болуп жатса казактарга кантип эки эсе нормадан ашык берип койгон? Мындай суроолорду жакында парламенттин трибунасынан тиешелүү жетекчилердин алдына катуу коебуз...

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЖОЛ – ЭКОНОМИКАНЫН КАН ТАМЫРЫ
www.erkin-too.kg

**Араван районундагы №44 жол тейлөө ишканасынын жетекчиси Абдрахман АЛИБАЕВ:**

# “Мурунку убактарга караганда азыр абал жакшы”



Алгач Кыргыз ССРинин Автотранспорт жана шоссе жолдор министрлигинин буйругуна ылайык Араван райондук жол эксплуатациялоо участогу болуп түзүлгөн ишкана, 1998-жылы №44 Жол тейлөө ишканасы деп кайра уюшулган. Бул ишкана Араван районунун аймагындагы жалпы узундугу 232,4 чакырымга созулган автожолдордун тармагын тейлейт. Мунун ичинен 94,4 чакырымы – мамлекеттик мааниде-ги жолдор болсо, басымдуу көп бөлүгү, тагыраагы 138 чакырымын жергиликтүү маанидеги жолдор түзөт. Мезгил талабына жараша өздөрүнүн милдеттерин үзүрлүү аткарууга умтулган эмгек жамаатында учурда 28 адам эмгектенет. Иш өндүрүшүн өркүндөтүүнү камсыздоочу инженер-техникалык кызматкерлер, жалпы өндүрүштү алга сүйрөгөн жолчулар мезгил менен жарышып, заман талабына ылайык иштерди алга жылдырып жатышат.

Жоопту иштерин сапаттуу аткарууга шарт түзүлгөндөн кийин жолчулар район ичиндеги өзөндөргө кеткен жол каттамдарын жаз, жай, күз жана кыш маалындагы зарыл болгон жол четтерин тегиздөө, асфальт жолдордун оюктарын оңдоо, жаракаларын бүтөө, жол белгилерин жаңыртуу, жаңыларын орнотуу, кардан арылтуу сыяктуу иштерди ырааттуу жүргүзүшөт. Жалпы иштин ийгилигине салымдарын кошуп, үлгүлүү эмгектери үчүн тармактык башкармалыктын, райондун, облустун, ишкананын өзүнүн урмат-сыйына татышып, «Ардак грамота» алышкан кызматкерлер арбын.

Ишкананы 1986-жылдан бери иш уюштуруучулугу, бай тажрыйбасы жана кесипкөйлүгү менен таанылган “Ардактуу жолчу” Алибаев Абдрахман агабыз жетектейт. Абдрахман агабыз Фрунзе шаарындагы Политехникалык институтун аяктап, инженер-куруучу кесибине ээ болгондон кийин ушул мекемеден эмгек чыйырын баштайт. Алгач техник, жол мастери, прораб, башкы инженер болуп иштеп, облустун жол куруу тармагына кыйла эмгегин сиңирген. 40 жылга чукул мезгилден бери ишкананы жетектеп, ак эмгегинин аркасы менен кадыр-баркка, сый-урматка ээ болду. Ушул ишкананын Башкы инженери Данияр Маматалиев, жол мастери Токтогул Жунусов жана башка өз ишинин чеберлери болгон жолчулар Абдрахман аганын мыкты инсан жана мыкты жетекчи экендигине баа берип келишет. Устаттан көп нерселерди үйрөнгүлөрү келет.

Азыр Ош облусундагы Араван районунун мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги жол тармактарына көз салышып, ийгиликтерди жаратышууда.

Каармаңыбыз Абдрахман Алибаев эмгектеги ийгиликтери үчүн Кыргыз Республикасынын Транспорт жана байланыш министрлигинин, райондук жана облустук мамлекеттик администрациялардын «Ардак грамоталары» менен сыйланган. Бактылуу жубайдын ишенер тоосу, беш баланын атасы. Жамааттын кызматкерлери иш-пландарды аткарууда ар качан алдыңкы көрсөткүчтөрдү жаратышууда. Албетте ушул мезгилге чейин план-тапшырмалардын так аткарылуусун камсыздап келген жамаат мүчөлөрү алдыдагы мезгилдерде дагы ийгиликтерди камсыз кылаарында шек жок. Учурда күз-кыш мезгилеринде жасалчу жумуштардын акыркылары аткарылууда. Араван районундагы №44 жол тейлөө ишканасынын жетекчиси Абдрахман Алибаев биз менен болгон баарлашуусунда жол тармагындагы жасаган ийгиликтери жана сүйгөн кесибинин катаал жактары тууралуу ой бөлүштү.

- Өзүңүздөргө маалым болгондой жол тармагында эмгектенип келе жатканыма 40 жылдан ашуун мезгил өттү, - деп сөзүн улады жетекчи Абдрахман Алибаев. - Ушул жылдардын ичинде жол тейлөө тарыхында ар кандай окуялар болду. Түйшүктүү оор күндөрдү жараткан ийгиликтерибиз менен жеңип, мезгил сыноосу менен күрөштүк. Өзгөчө Союз ыдырап, эгемендүүлүккө ээ болгон алгачкы жылдарыбызда катуу кыйналдык. Жамаатыбызга айлап, жылдап айлык маяна бере албай калган мезгилдер болду. Жумушчуларыбыз эң төмөнкү маяналары менен үзүл-кесил, өп-чап жашоолорду баштарынан өткөрүштү. Эми минтип, акыркы жылдары биздин ардактуу жолчуларыбыздын жашоолору дагы заман агымына жараша оңолуу жолуна түштү. Баягы эскилиги жеткен, калдыраган-шалдыраган техникаларыбыз акырындап жаңыланып, Транспорт министрлигинин кийлигишүүсү менен көз кубанткан техникаларга ээ болуудабыз. Биздин мекемелерибизге жаңы техникалар келген сайын ошого жараша иш сапатына талаптар күчтүү болуп, жумушчулардын түйшүгү көбөйүп, ансайын кызматкерлерибиз эл кызматына тикесинен берилген убак. Ал мезгилге чейин өзүбүздүн министрлик эски болсо дагы техникалар менен жабдып, ишибиз үзгүлтүккө учураган жок. Жылдан-жылга жол тармагы үчүн акчалар бюджеттен бөлүнүп, бизге жакшы көңүл бурула баштады. Мындан 10-15 жыл мурунку убактарга караганда азыр абал жакшы. Ал мезгилдерде каражаттын жоктугуна байланыштуу кол куушуруп отуруп калган мезгилдер болду. Учурда атайын бөлүнгөн каражатты туура пайдаланып, карамагыбыздагы жолдорду сапаттуу тейлөө аракетиндебиз. Биздин жол тейлөө мекемелерин көзөмөлгө алган департамент, министрликтер көп нерселерди талап кылышууда. Анткени, аткарылган жумуштарга акча-каражаттары төлөнүп жатат.





Биз ушул тапта алдыбызга пландап койгон иштерибизди бүттүк. Азыр жолдун четин бекемдеп, кышка каттуу даярданып жаткан мезгилибиз. Үстүбүздөгү жылы титулдук тизмеде бекитилген план боюнча 26923,2 миң сомдук оңдоо жана кароо иштери аткарылды. Техникаларыбызды толугу менен оңдоодон өткөрүп кышка даярдап койдук.


Мекемебизде штаттык расписаниеге карабай, иштин көлөмүнө жараша акы төлөнүп бериле баштагандан бери биздин ишканада иштөөнү каалаган балдардын, жумушчулардын саны өстү. Чын ыкласын коюп иштеген жумушчулар жакшы айлык акыларды алышууда. Азыр жол оңдоо иштеринин кызуу жүрүп жаткан мезгили. Күз-кыш-жаз мезгилдеринде дагы жасай турган иштерибиз арбын. Кышкы мезгилде кум чачмай, кар тазалamай сыяктуу иштерди техникалардын жардамы менен 2 бригаданын балдары жасашат.

Ушул бүгүнкү мага берилген мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, биздин райондун акими Сейтек Кулубаевге терең ыраазычылык билдирип кетким келет. Анткени биздин жамаатыбыздын иштеринин ийгиликтүү болуусунда жетекчинин чексиз камкордугу бар.

***Ардактуу жолчу, эмгек каармaны, Араван районундагы №44 жол тейлөө ишканасынын жетекчиси Алибаев Абдрахман ага менен баарлашып отуруп, каарманыбыздын ак пейили менен өтөгөн ак кызматына ыраазы экендигин түйдүк. Кесиптештеринин, замандаштарынын сый-урматына ээ болгон агабызга жана анын жамаатына ийгиликтерди каалап, сапардагылардын ак бата, ыраазычылыктары нур болуп, түндүгүңүздөрдөн агылып турсун дечекчибиз!***

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**





## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 30-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №531 "МАМЛЕКЕТТИК СЫРЛАРДЫ САКТОО МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШТИ ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, ошондой эле "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-сентябрындагы №531 "Мамлекеттик сырларды сактоо маселелери боюнча координациялык кеңешти түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбула төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, ошондой эле "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик сырларды сактоо маселелери боюнча координациялык кеңеш жөнүндө жободо:

- 4-пункттун экинчи абзацында "Өкмөтүнө" деген сөз "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 5-пункттун экинчи абзацында жана 6, 7-пункттарда түрдүү жөндөмөлөрдөгү "Премьер-министр" деген сөздөр тийиштүү жөндөмөлөрдөгү "Министрлер Кабинетинин Төрагасы" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 23-августу, №427***

## ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН МОБИЛДИК ТИРКЕМЕЛЕРИ АРКЫЛУУ МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА САНАРИПТИК ДОКУМЕНТТЕРДИ БЕРҮҮ БОЮНЧА ПИЛОТТУК ДОЛБООРДУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында колдонуучуга багытталган санариптик кызматтарды көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү жана санариптик кызмат көрсөтүүлөрдү киргизүүгө жаңы мамилени жүзөгө ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги:

1) 2023-жылдын 1-сентябрынан тартып 2024-жылдын 30-апрелине чейинки мезгилде төмөнкүдөй юридикалык жактардын мобилдик тиркемелери аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, сервистерди жана санариптик документтерди берүү боюнча пилоттук долбоорду ишке ашырсын:

- төлөм системаларынын операторунун лицензиясы бар;
- мобилдик тиркеменин ээлери болуп саналган;
- мобилдик тиркемесинде 100 000ден (жүз миң) кем эмес колдонуучусу бар;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 11-апрелиндеги №200 "Түндүк" электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасындагы маалыматтык системалардын өз ара аракеттенүүсүнө карата Талаптарын бекитүү жөнүндө" бекитилген токтомуна ылайык "Түндүк" электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасынын катышуучулары болуп саналган;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттигинде жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси) катары катталган;

2) Тышкы миграцияны эсепке алуунун бирдиктүү системасы аркылуу мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик органдарды кошпогондо, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча), ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер менен биргеликте ушул токтомду ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;

3) пилоттук долбоор оң ишке ашырылган учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына юридикалык жактардын мобилдик тиркемелери аркылуу туруктуу негизде мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү тартибин караган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун белгиленген тартипте киргизсин.

2. Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы аркылуу түзүлгөн, юридикалык жактардын мобилдик тиркемелери аркылуу берилген мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр, сервистер жана санариптик документтер Кыргыз Республикасынын аймагында юридикалык күчкө ээ экендиги белгиленсин.

**3.** Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы аркылуу түзүлгөн, юридикалык жактардын мобилдик тиркемелери аркылуу берилген санариптик документтерди, маалыматтарды жана документтерди кабыл алууга жана таанууга милдеттүү деп белгиленсин.

**4.** Пилоттук долбоорду ишке ашыруу мезгилинде Юридикалык жактардын мобилдик тиркемелери аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, сервистерди жана санариптик документтерди берүүнүн убактылуу тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №430***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН, БАШКА АСКЕРДИК ТҮЗҮМДӨРҮНҮН ЖАНА МЫЙЗАМДА АСКЕРДИК КЫЗМАТ КАРАЛГАН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН КАТАРЫНАН МӨӨНӨТТҮҮ АСКЕРДИК ЖАНА АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТТЫН БЕЛГИЛЕНГЕН МӨӨНӨТҮН ӨТӨП БҮТКӨН АСКЕР КЫЗМАТЧЫЛАРЫН ЖАНА АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТТЫН КЫЗМАТЧЫЛАРЫН ЗАПАСКА БОШОТУУ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ 2023-ЖЫЛДЫН СЕНТЯБРЬ-НОЯБРЫНДА ЖАРАНДАРДЫ МӨӨНӨТТҮҮ АСКЕРДИК ЖАНА АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТ ӨТӨӨГӨ КЕЗЕКТЕГИ ЧАКЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 1-августундагы №182 "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүмдөрүнүн жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарынын катарынан мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматтын белгиленген мөөнөтүн өтөп бүткөн аскер кызматчыларын жана альтернативдик кызматтын кызматчыларын запаска бошотуу, ошондой эле 2023-жылдын сентябрь-ноябрында жарандарды мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызмат өтөөгө кезектеги чакыруу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15, 17, 21 жана 31-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүмдөрүнүн жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарынын катарынан мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматтын белгиленген мөөнөтүн өтөп бүткөн аскер кызматчылары жана альтернативдик кызматтын кызматчылары запаска бошотулсун.

**2.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары менен биргеликте (макулдашуу боюнча):

1) чакыруу күнүнө карата 18 жашка толгон, чакыруудан кийинкиге калтырылууга укуктары жок, ошондой эле чакыруудан кийинкиге калтыруу укугунан ажыраган эркек жарандарды 2023-жылдын сентябрь-ноябрында Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнө, башка аскердик түзүмдөрүнө жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарына мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматка чакыруу боюнча иш-чараларды уюштурсун;

2) райондук (шаардык) чакыруу комиссияларын түзсүн, аларды медициналык күбөлөндүрүү үчүн зарыл болгон медициналык мүлктөр жана шаймандар менен жабдылган чакыруу (топтоо) пункттары менен камсыз кылсын;

3) жарандарды кабарлоо жана аскер комиссариаттарына уюшкандыкта келүүсүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн жана зарыл болгон учурда аларды автотранспорт менен жеткирүүнү уюштурсун.

**3.** Республикалык чакыруу комиссиясынын курамы тиркемеге ылайык бекитилсин жана ага райондук (шаардык) чакыруу комиссияларын жетектөө, райондук (шаардык) чакыруу комиссияларынын чечимдерине жарандардын даттанууларын жана кайрылууларын кароо, райондук (шаардык) чакыруу комиссияларынын чечимдерин тандап текшерүү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктар жүктөлсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

1) аскер комиссариаттарынын өтүнмөлөрү боюнча райондук (шаардык) чакыруу комиссияларында чакырылуучуларды медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү үчүн квалификациялуу врач-адистерди жана орто медициналык персоналды бөлүп берсин;

2) мөөнөттүү аскердик кызматка чакырылган жарандары кызмат өтөө жерине жөнөтүүнүн алдында контролдук медициналык кароодон өткөрүү үчүн Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Балыкчы, Талас жана Кадамжай шаарларындагы топтоо пункттарын врач-адистер (терапевт, хирург, невропатолог, дерматолог, окулист, отоларинголог, стоматолог, психиатр, рентгенолог-фтизиатр) жана орто медициналык персонал менен камсыз кылсын;

3) ден соолугунун абалы кошумча изилдөөлөрдү талап кылган чакырылуучуларды дарылоо-профилактикалык мекемелерде кезексиз стационардык (амбулатордук) медициналык текшерүүнү камсыз кылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги:

1) аскердик милдетти аткаруудан качкан адамдарды издөөнү, кармоону жана райондук (шаардык) аскер комиссариаттарына жеткирүүнү жүзөгө ашырсын;

2) райондук (шаардык) аскер комиссариаттарына жарандардын соттуулугу, ошондой эле алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылгандыгы жөнүндө маалыматтарды берсин;

3) аскер комиссариаттарында, топтоо пункттарында жана чакырылуучуларды салтанаттуу узатуу жерлеринде коомдук тартипти сактоону камсыз кылсын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 23-августу, №424***

## ЭНЕРГИЯНЫН КАЙРА ЖАРАЛУУЧУ БУЛАКТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 23-мартындагы №62 "Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу үчүн багытталган жерлерди берүү маселелери жөнүндө" Жарлыгын аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Энергиянын кайра жаралуучу булактары чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мекеменин карамагында турган жерлерди энергиянын кайра жаралуучу булактарынын объекттерин куруу үчүн өткөрүп берүү тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жашыл энергетика фондунун ички ишин бирдиктүү терезе принциби боюнча уюштуруу жөнүндө жобо 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 7-июлундагы №271 "Кыргыз Республикасындагы сууну коргоочу зоналар жана суу объект тилкелери жөнүндөгү жобону бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы сууну коргоочу зоналар жана суу объект тилкелери тууралуу жободо:

- 11-пункт төмөнкүдөй мазмундагы "в" пунктчасы менен толукталсын:

"в) энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануучу энергетикалык орнотмолорду курууга.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 10-апрелиндеги №192 "Мамлекеттик токой фондун пайдалануу жана тескөө тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик токой фондун пайдалануу жана тескөө тартибинде:

- 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 9-пунктча менен толукталсын:

"9) газ куюу жана электр кубаттоо станцияларын куруу жана эксплуатациялоо максатында иштерди аткаруу.";

- 2-пункттун биринчи абзацы "пайдалуу кендерди иштетүү" деген сөздөрдөн кийин ЭКБны пайдалануу менен энергетикалык орнотмолорду куруу" деген сөздөр менен толукталсын;

- $23^1$-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"ЭКБ чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мекеменин карамагында турган мамлекеттик токой фондунун жерлерин өткөрүп берүү ЭКБ пайдалануу менен энергетикалык орнотмолорду куруу үчүн ЭКБ чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мекеме тарабынан өткөрүлгөн конкурстук тандоонун негизинде жүзөгө ашырылат.";

- 32-пункттун 10-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

- $74^4$-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"$74^4$. Мамлекеттик токой фондунун жерлеринде ЭКБны пайдалануу менен энергетикалык орнотмолорду курууу белгиленген тартипте тариздеген мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундуларынын негизинде, архитектуралык-пландоо, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын башка талаптарын сактоо менен жүзөгө ашырылат.".

**4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы №535 "Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө жободо:

- $55^7$-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №429***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ СЕРТИФИКАЦИЯЛОО ЖАНА ВАЛИДАЦИЯЛОО БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Башталгыч кесиптик билим берүү чөйрөсүндө сапаттын кепилдигин камсыз кылуу талаптарын өз убагында жана толук аткаруу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17, 26-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу "Көз карандысыз сертификациялоо жана валидациялоо борбору" мекемеси түзүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу "Көз карандысыз сертификациялоо жана валидациялоо борбору" мекемеси жөнүндө жобо ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы №72 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө жободо:

- 9-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"-көз карандысыз сертификациялоо жана валидациялоо боюнча иштерди уюштуруу.";

- 10-пунктта:

1-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"-эл аралык талаптарга ылайык компетенцияларды/квалификацияларды көз карандысыз сертификациялоо жана валидациялоо системасын бирдиктүү саясатын ишке ашырууну камсыз кылуу;";

2-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"-компетенцияларды/квалификацияларды көз карандысыз сертификациялоо жана валидациялоо системасын башкарууну жана жөнгө салууну жүзөгө ашыруу;";

3-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"-көз карандысыз сертификациялоо жана валидациялоо маселелери боюнча мамлекеттик органдар жана башка субъекттер менен иши координациялоо жана өз ара аракеттенүү;";

5-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"-көз карандысыз сертификациялоо жана валидациялоо системасын өнүктүрүүгө көмөктөшүү.";

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башкаруу схемасында:

"Республикалык ведомстволук мекемелер:" деген сөздөрдөн кийин "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу "Көз карандысыз сертификациялоо жана валидациялоо борбору," деген сөздөр менен толукталсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттун 1-пунктчасында "1-34-тиркемелерге" деген сөздөр "1-34[1]-тиркемелерге" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) бул токтомдун 2-тиркемесине ылайык 34[1]-тиркеме менен толукталсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

1) бул токтомду ишке ашырууга байланышкан чыгымдар тиешелүү жылдарга каралган сандын жана каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылсын;

2) бул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №431***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2009-ЖЫЛДЫН 18-ДЕКАБРЫНДАГЫ №791 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ СУУЧУЛДАРДЫ ДАЯРДОО ЖАНА СУУ АЛДЫНДАГЫ ТЕХНИКАЛЫК ИШТЕРДИ АТКАРУУ БОРБОРУ (СУУЧУЛДАР КЫЗМАТЫ) ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮНҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борборунун (Суучулдар кызматы) кызматкерлерине эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-декабрындагы №791 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борборунун (Суучулдар кызматы) кызматкерлерине эмгек акы төлөө үчүн тиркелген тарифтик торчо ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда берилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги "Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024–2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоодо тиешелүү өзгөртүүлөрдү карасын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №432***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2006-ЖЫЛДЫН 31-ОКТЯБРЫНДАГЫ №756 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК АСКЕРЛЕШТИРИЛГЕН УЮМДАРЫНДА ЖАНА АТАЙЫН КЫЗМАТТАРЫНДА СОГУШТУК АТУУЧУ КОЛ КУРАЛДАРДЫ, АЛАРДЫН ОК-ДАРЫЛАРЫН, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ДҮРМӨТСҮЗ КУРАЛДЫ ЖҮГҮРТҮҮНҮН ЭРЕЖЕСИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу, атайын бөлүмдөрдүн ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик аскерлештирилген уюмдарга жана атайын кызматтарга өз муктаждыктары үчүн ок-дарыларды өндүрүүнү (жабдууну) ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берүү, ошондой эле бюджеттик каражаттарды үнөмдөө жана натыйжалуу пайдалануу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 31-октябрындагы №756 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аскерлештирилген уюмдарында жана атайын кызматтарында согуштук атуучу кол куралдарды, алардын ок-дарыларын, ошондой эле дүрмөтсүз куралды жүгүртүүнүн эрежесин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик аскерлештирилген уюмдарда жана атайын кызматтарда согуштук атуучу кол куралдарды, алардын ок-дарыларын, ошондой эле дүрмөтсүз куралды колдонуунун эрежесинде:

- 1-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Куралдарды жүгүртүү Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын мамлекеттик органынын аскердик бөлүктөрүндө жана уюмдарында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын атайын кызматтарында, сот приставдары кызматтарында (мындан ары - мамлекеттик аскерлештирилген уюмдар жана атайын кызматтар деп аталат) ишке ашырылат.";

- 2-пункттун "д" пунктчасында, 2[8]-пунктта, 3-пункттун экинчи абзацында түрдүү жөндөмөдөгү "Өкмөт" деген сөз тиешелүү жөндөмөдө "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы 6[1]-глава менен толукталсын:

**"6[1]. Куралдарды жана ок-дарыларды өндүрүү, ондоо**

25[1]. Мамлекеттик аскерлештирилген уюмдарда жана атайын кызматтарда ок-дарыларды жабдуу өз муктаждыктарын камсыздоонун алкагында, ок-дарыларды жабдуу тартибин жөнгө салуучу тиешелүү ведомстволук ички актынын негизинде бөлүмдөрдү ок-дарылар менен сапаттуу жана үзгүлтүксүз жабдуу максатында ишке ашырылышы мүмкүн.

25[2]. Мамлекеттик аскерлештирилген уюмдар жана атайын кызматтар куралдарды жана приборлорду тейлөө жана ондоо, куралдардын жана ок-дарылардын параметрлерин өлчөө үчүн багытталган жабдууларды, ок атуучу куралды ондоо, тейлөө жана модернизациялоо үчүн запастык бөлүктөрдү, механизмдерди жана башка зарыл болгон материалдарды сатып ала алышат жана пайдалана алышат, патрондорду жабдуу үчүн жабдууларды, ошондой эле патрондорду жабдуу үчүн комплекттөөчүлөрдү (гильза, порох, капсюль) сатып ала алышат.

25[3]. Согуштук кол куралды ондоо жана модернизациялоо, ошондой эле ок-дарылардын курамдык бөлүктөрүнөн патрондорду чогултуу мамлекеттик аскерлештирилген уюмдарда жана атайын кызматтарда, ошондой эле "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен белгиленген тиешелүү лицензиясы бар уюмдарда ишке ашырылышы мүмкүн.".

**2.** Бул токтом тартылган мамлекеттик органдар үчүн бекитилген штаттык сандын жана тиешелүү жана кийинки жылдарга каралган каражаттын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**3**. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аскерлештирилген уюмдары жана атайын кызматтары өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №435***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЖОЛ ФОНДУНУН ИШИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол фондунун мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү жана тартипке келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 13-тиркемеси:

төмөнкүдөй мазмундагы 3-глава менен толукталсын:

"

| 3. Жол фонду | | |
|---|---|---|
| 1 | Директор | 11,37 |
| 2 | Директордун орун басары | 9,95 |
| 3 | Бөлүмдүн башчысы | 8,53 |
| 4 | Эксперт | 7,11 |
| 5 | Башкы адис | 5,69 |
| 6 | Жетектөөчү адис | 4,55 |
| 7 | Адис | 4,27 |

";

- жогоруда аталган тиркеменин эскертүүсү төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"-Жол фондунун кызматкерлери үчүн Жол фондунун жетекчисинин чечими боюнча ишинин татаалдыгы, сапаты, натыйжасы, кесипкөй демилге көрсөткөндүгү жана нормага салынбаган жумуш күнү үчүн жетектөөчү кызмат оруңдары үчүн 10%га чейин, ал эми жетектөөчү кызмат орундарын ээлебеген кызматкерлер үчүн 15%га чейин үстөк акы белгилениши мүмкүн.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №346 "Жол тармагынын системасын кайра өзгөртүп түзүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 2[1]-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

- 8-тиркеме күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №433***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АЧЫК МААЛЫМАТТАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУГА БАЙЛАНЫШКАН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө» Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасындагы ачык маалыматтар порталы жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №257 «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин кээ бир маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө жободо:

- 10-пункттун «ж» пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы жыйырманчы абзац менен толукталсын:

«- ачык маалыматтар чөйрөсүндөгү иштерди координациялоону жүзөгө ашырат.».

**3.** Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитети жана административдик ведомстволору ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруунун контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №434***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2014-ЖЫЛДЫН 17-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №99 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СТРАТЕГИЯЛЫК ОБЪЕКТИЛЕРИНИН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Айрым объекттердин коопсуздугун камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын стратегиялык объектилери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 3-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-февралындагы №99 "Кыргыз Республикасынын Стратегиялык объектилеринин тизмегин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Стратегиялык объектилеринин тизмегинде:

- "А" категориясы (өтө маанилүү объектилер)" бөлүмүнүн "Мамлекетти башкаруу үчүн мааниси бар объектилер" графасы төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толукталсын:

"6. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын имараттары (№1 жана №2 корпустары)".

**2.** Бул токтомду ишке ашырууга байланышкан чыгымдар республикалык бюджетте тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга каралган Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын каражаттарынын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**3**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №437***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ, СПОРТ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДА КИТЕП БАСЫП ЧЫГАРУУНУ ЖАНА ТАРКАТУУ ТУТУМУН ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА "КЫРГЫЗ КИТЕП" МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ, СПОРТ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ "КЫРГЫЗ МАДАНИЯТ СЕРВИС" МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫ ДЕП КАЙРА АТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Маданият жана искусство мекемелеринин ишин оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдында Китеп басып чыгарууну жана таркатуу тутумун өнүктүрүү боюнча "Кыргыз китеп" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу "Кыргыз Маданият Сервис" мамлекеттик ишканасы деп кайра аталсын.

**2**. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу "Кыргыз Маданият Сервис" мамлекеттик ишканасынын уставы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3**. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №495 "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 5-тиркемесинде:

- эскертүүнүн 19-пунктунда "45" деген цифралар "39" деген цифраларга алмаштырылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №251 "Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин башкаруу схемасында:

- "Китеп басып чыгарууну жана таркатуу тутумун өнүктүрүү боюнча "Кыргыз китеп" мамлекеттик ишканасы" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу "Кыргыз Маданият Сервис" мамлекеттик ишканасы" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**5.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27-декабрындагы №710 "Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин алдында Китеп басып чыгарууну жана таркатуу тутумун өнүктүрүү боюнча "Кыргыз китеп" мамлекеттик ишканасын түзүү жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 11-октябрындагы №218 "Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин ишинин айрым маселелери жөнүндө" токтомунун 3-пункту.

**6.** Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги:

- 6 штаттык бирдиктин кыскартылышына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Улуттук маданий борбордун эмгек акы төлөө фондунан үнөмдөлгөн акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде каралган тартипте республикалык бюджетке кайтарсын;

- мамлекеттик ишкананы юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоону жүргүзсүн;

- өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруунун контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 28-августу, №439***

## УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИН ДАЯРДОО МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 8-майындагы №256 "Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Алиев Эргеш Алиевич атындагы Академиясы жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Алиев Эргеш Алиевич атындагы Академиясы жөнүндө жободо:

- 1.2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1.2. Академия төмөнкүлөр боюнча мамлекеттик билим берүү мекемеси болуп саналат:

- жогорку билимдин базасында жогорку башкаруучулук-укуктук билим берүү менен ички иштер органдарынын жетекчи кадрларын даярдоо;

- жогорку билимдин базасында илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо;

- жалпы орто, жалпы кесиптик орто жана юридикалык эмес жогорку билимдин базасында жогорку юридикалык билими бар адистерди даярдоо;

- ички иштер чөйрөсүндөгү, жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү, бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын кызматкерлерин кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;

- ички иштер чөйрөсүндөгү, жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү, бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга биринчи жолу кызматка кирген адамдарды атайын баштапкы кесиптик даярдоо;

- жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларынын "Юриспруденция" жана "Укук коргоо иши" багыттары боюнча магистрлерди даярдоо.

Академияда адистерди даярдоо мамлекеттик жана расмий тилдерде күндүзгү жана сырттан окуу формалары боюнча (план боюнча жана контракттын негизинде) жүргүзүлөт.";

- 1.9-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1.9. Академия юридикалык жактын укуктарынан пайдаланат, Мамлекеттик гербдин сүрөтү менен жана мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы менен мөөр, бурчтуу штамптары бар.";

- 2.1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2.1 Академия өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.";

- 3.1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3.1. Академия төмөнкүдөй негизги милдеттерди аткарат:

- бюджеттик (курсанттарды) жана контракттык (студенттерди) негизде күндүзгү окуу формасы боюнча ички иштер органдары жана юриспруденциянын башка тармактары үчүн жогорку юридикалык билими бар кадрларды, магистрлерди (контракт), ошондой эле дистанттык технологияларды пайдалануу менен сырттан окуу формасы боюнча студенттерди (бюджет, контракт) даярдайт;

- ички иштер органдарынын жетекчи курамы үчүн кадрларды башкаруучулук-укуктук даярдоону камсыз кылат;

- адъюнктура, докторантура жана изденүүчүлүк аркылуу ИИМдин системасы үчүн илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдайт;

- ички иштер органдарынын кызматкерлерин, ошондой эле башка укук коргоо жана фискалдык органдардын, анын ичинде чет өлкөлөрдүн кызматкерлерин келишимдик негизде кайра даярдайт жана квалификациясын жогорулатат;

- мыйзамдарды өркүндөтүүгө жана ички иштер, кылмыштуулукка каршы күрөшүү органдарынын актуалдуу проблемаларын илимий изилдөөлөргө катышат;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык адистерди даярдоону камсыз кылуучу окуу-методикалык базаны түзөт жана өнүктүрөт, ошондой эле окуу-методикалык адабиятты иштеп чыгат жана басып чыгарат;

- ички иштер чөйрөсүндөгү, жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү, бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга биринчи жолу кызматка кирген адамдарды атайын баштапкы кесиптик жактан даярдайт.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-январындагы №20 "Кыргыз Республикасынын ички иштер чөйрөсүндөгү, экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү, жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү, бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарына биринчи жолу кабыл алынып жаткан адамдар үчүн атайын алгачкы кесиптик даярдоону уюштуруу жана өткөрүү эрежелерин жана Кыргыз Республикасынын ички иштер чөйрөсүндөгү, экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү, жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү, бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын кызматкерлерин даярдоо боюнча билим берүү мекемелеринин тизмесин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы, 1-пункттагы экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү" деген сөздөр алып салынсын;

2) 2, 3-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер чөйрөсүндөгү, экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү, жазаларды аткаруу чөйрөсүндөгү, бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарына биринчи жолу кабыл алынып жаткан адамдар үчүн атайын алгачкы кесиптик даярдоону уюштуруу жана өткөрүү эрежелеринде:

- аталышындагы, 1-пункттагы экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү" деген сөздөр алып салынсын;

